ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК ЖАНА БИРГЕЛЕШИП БАШКАРУУ: ЖАШТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ СТРАТЕГИЯЛАРГА ТАРТУУ БОЮНЧА ПРАКТИКАЛЫК КОЛДОНМО

ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК ЖАНА БИРГЕЛЕШИП БАШКАРУУ:

ЖАШТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ СТРАТЕГИЯЛАРГА ТАРТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

Г 34

Кыргыз Республикасында жигердүү жана өнүгүп жаткан жарандык коом жана жаш муун үчүн жарандык коомду жана көп тараптуу өнөктөштүктөрдү чыңдоо – EMPATY» долбоорунун алкагында басып чыгарууга сунушталды. Долбоор Европа Биримдиги жана Австрия Өнүктүрүү Агенттиги тарабынан биргелешип каржыланат жана Австриянын Hilfswerk International эл аралык уюму тарабынан «Айкын багыт» КФ, КФСКС жана АППК менен тең укуктуу өнөктөштүктө ишке ашырылат

Г 34

Гендердик теңчилик жана биргелешкен башкаруу: жаштарды жергиликтүү стратегияларга тартуу боюнча колдонмо / колдонмо «Айкын багыт» КФ тарабынан локалдаштырылган, тартылган эксперт Кочорбаева Зульфия — Бишкек: 2026.

Бул басылмада баяндалган пикирлер жана көз караштар Европа Биримдигинин жана Австрия Өнүктүрүү Агенттигинин көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт. Басылманын мазмуну үчүн жоопкерчиликти Hilfswerk International жана анын өнөктөштөрү гана тартышат.

Мазмундун тизмеси

Колдонмо тууралуу 7
Долбоордун күтүлгөн натыйжалары (EMPATY): 10
Максаттуу топтор 10
Акыркы бенефициарлар 11
Глоссарий 13

I бөлүм. Гендердик теңчиликке карата жалпы мамилелер 17

1-бөлүк: Гендердик теңчиликти түшүнүүгө концептуалдык мамилелер ..18
Жыныс менен гендердин ортосундагы айырма кандай? 18
1-тапшырма: «Эркек болуунун/аял болуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери» 20

2-бөлүк: Гендердик ролдор 21
Гендердик ролдор деген эмне? 21
«Өндүрүмдүү» жана «репродуктивдүү» ролдор кандайча көрүнөт? 22
Гендердик ролдор кандайча калыптанат? 22
2-тапшырма: «Гендердик ролдорду жана жыныстык таандыктыкты аныктоо» 24

3-бөлүк. Гендердик стереотиптер 25
Стереотиптер деген эмне? 25
3-тапшырма: Гендердик стереотиптер 27

4-бөлүк: Гендердик басмырлоонун мазмуну жана формалары 29
Жынысы боюнча басмырлоо деген эмне? Гендердик теңсиздик деген эмне? .. 30
Гендердик басмырлоонун кесепеттери кандай? 30
Басмырлоо болгон учурда эмне кылуу керек?
Эгерде сиз басмырлоого туш болсоңуз эмне кылышыңыз керек? 30
Басмырлоо болгон учурда эмне кылуу керек?
Эгерде сиз басмырлоого туш болсоңуз эмне кылышыңыз керек? 30
4-тапшырма: Жынысы боюнча басмырлоо деген эмне? 31
5-тапшырма: Топтор үчүн «Кейстерди талдоо» (Талкуулоого 7 мүнөт) 32

5-бөлүм. Сексизм 36
Сексизм деген эмне? 36
1-тапшырма: Сексисттик билдирүүлөрдүн таасири 38

II бөлүм. Гендердик теңчилик жана натыйжалуу башкаруу 41

1-бөлүк: **Гендердик теңчиликти камсыз кылуунун инструменттери жана технологиялары.....42**
Башкаруу деген эмне? 42
6-тапшырма: Кыргыз Республикасындагы гендердик теңчилик боюнча SWOT-анализ 58
2-бөлүк: **Аялдардын чечим кабыл алуу процессине катышуусун кеңейтүүгө багытталган чаралар жана демилгелер 59**
7-тапшырма: Сиз колуңуздан келерин билесиз!.....62

III-бөлүм. Гендердик теңчилик маселелерин жергиликтүү стратегияларга киргизүү процесси 65

1-бөлүк: **Гендердик теңчиликти камсыз кылуунун инструменттери жана технологиялары..... 67**
Гендердик проблематиканы эске алуунун аспектилери 67
Гендердик проблематиканы эске алуу.....68
8-тапшырма: Жергиликтүү саясаттагы гендердик аспект.....69
Гендердик көз караштагы контролдук суроолордун тизмеси.....70
КӨНҮГҮҮ: Гендердик талдоо – «4R МЕТОДУ» 71

2-бөлүк: **Коомдук долбоорлордогу гендердик аспект 73**
Коомдук долбоорлор үчүн гендердик сезимтал моделдер:
Чечим кабыл алуу процессинин ачыктыгын камсыз кылуу 76

3-бөлүк: **Аялдардын ишкердигин өнүктүрүүгө көмөктөшүү 77**

Тиркеме.....79
Адабияттардын тизмеси:.....81

Колдонмо тууралуу

Бул колдонмо «Кыргыз Республикасында жигердүү жана өнүккөн жарандык коомду жана жаш муундарүчүн жарандык коомду жана көп тараптуу өнөктөштүктү чыңдоо — EMPATY» долбоорунун алкагында иштелип чыккан. Долбоор Европа Биримдиги жана Австриянын Өнүктүрүү Агенттиги тарабынан биргелешип каржыланып, Австриялык Hilfswerk International (мындан ары — HWI) эл аралык өкмөттүк эмес уюму тарабынан «Айкын багыт» коомдук фонду, КФСКС жана АППК менен өнөктөштүктө ишке ашырылат.

Бул колдонмонун теориялык жана дидактикалык негизи HWI уюмунун гендердик маселелерди эске алуу методологиясы боюнча колдонмосуна жана Европа Биримдигинин «Гендердик теңчилик жана башкаруу процесси» саясатына негизделген. Аталган материалдар Hilfswerk International тарабынан Молдовадагы «Speranza» жана «Mostenitorii» өкмөттүк эмес уюмдары менен өнөктөштүктө ишке ашырылган «Молдовада жаштардын жигердүү жарандык позициясын калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» ProDEM 2 долбоорунун алкагында иштелип чыккан. Долбоор Австриянын Өнүктүрүү Агенттиги жана Тышкы иштер институту (ТИИ) тарабынан каржыланып, Германиянын Тышкы иштер министрлигинин финансылык колдоосу менен ишке ашырылган.

Бул колдонмо — жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коом уюмдарынын, билим берүү мекемелеринин, башка субъекттердин өкүлдөрү болуп саналган, Кыргызстандын коомдук турмушуна жаштарды тартууга кызыкдар болгон жаштар үчүн методикалык колдонмо болуп эсептелет. Анын максаты жергиликтүү деңгээлде жаш эркектер менен аялдардын ишмердүүлүгүндө гендердик аспектти күчөтүү жана алардын коомдук турмушка катышуусу үчүн концептуалдык жана практикалык куралдар менен камсыз кылуу саналат.

1-бөлүм «Гендердик теңчиликке карата жалпы мамилелер» гендердик теңчилик чөйрөсүнө тиешелүү терминологияга киришүүнү камтыйт жана аялдардын чечим кабыл алууга катышуусундагы тенденцияларды, тоскоолдуктарды жана көйгөйлөрдү баяндайт.

2-бөлүм «Гендердик теңчилик жана натыйжалуу башкарууну түзүү» ар кандай деңгээлдерде жана ар кандай шарттарда мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө чечим кабыл алуу процессине аялдардын катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн башкаруу процессин түзүүнүн укуктук базасын, негиздерин жана демилгелерин камтыйт.

3-бөлүм «Мамлекеттик программаларда жана стратегияларда гендердик теңчиликти эске алуу» мамлекеттик саясатка жана жергиликтүү деңгээлдеги ар түрдүү түзүмдөрдүн ишине гендердик теңчилик маселелерин киргизүү үчүн колдонулуучу куралдары камтыйт.

ЕМРАТУ долбоорунун жалпы максаты — Кыргыз Республикасындагы (мындан ары — КР) жарандык коом уюмдарынын (мындан ары — ЖКУ) жаштарды тартуу жана жаш аялдар менен эркектердин коомдун социалдык жана экономикалык турмушуна жигердүү катышуусуна көмөктөшүү боюнча компетенттүү субъекттер катары потенциалын чыңдоо болуп саналат.

Максаттуу топтор: потенциалды жогорулатууга, байланыштарды түзүүгө, саясий диалогго жана коомдук демилгелерди уюштурууга негизинен айыл жерлеринде иш алып барган кеминде 30 ЖКУ жана/же жергиликтүү демилгелүү уюмдар катышат. Экономикалык, гендердик жана/же социалдык тоскоолдуктарга дуушар болгон 18 жаштан 35 жашка чейинки кеминде 3000 жаш аял жана эркек (кеминде 50% аялдар) жамааттык демилгелерди иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жигердүү катышат. Жарандык коом менен көп тараптуу диалогго кеминде 70 волонтёр-мультипликатор жана улуттук, региондук жана райондук бийлик органдарынын кеминде 80 өкүлү тартылат.

Натыйжада катышуучулар жаштардын жарандык активдүүлүгүн стимулдаштырууга жана жаш аялдар менен эркектердин ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө багытталган социалдык жана бизнеске багытталган коомдук иш-чараларды ишке ашыруу үчүн алган билимдерин жана көндүмдөрүн, түзүлгөн өнөктөштүк байланыштарын жана иштелип чыккан инструменттерди колдонушат.

Иретке келтирилген билимдер, анын ичинде эл аралык жана жергиликтүү долбоорлордун ийгиликтүү колдонмолорун жана алдыңкы тажрыйбаларын адаптациялоо, сунушталган ыкмалардын жалпыга жеткиликтүү жана бардык жерде колдонууга ылайыктуу болушун камсыздайт.

Долбоор максаттуу жамааттардагы жаштарды мобилизациялоону, аларды долбоорго катышууга шыктандырууну, квалификациясын жогорулатууну, башка жамааттардагы теңтуштары жана жарандык коомдун жаштар уюмдары менен байланыштарды түзүүнү эске алат.

Долбоор, жаштардын катышуусу жергиликтүү жамааттардын социалдык жана экономикалык өнүгүшүнө өбөлгө түзөт деген түшүнүккө негизделет. Ишкердик көндүмдөрдү өнүктүрүү, гендердик теңчилик, социалдык интеграция жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча маалымдуулукту жогорулатуу, ошондой эле чечим кабыл алуучу тараптар менен жарандык коомдун ортосунда көп тараптуу өнөктөштүктөр үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү ЖКУлардын (Жарандык коом уюмдарынын) жаштар менен жергиликтүү бийлик органдарынын ортосундагы ортомчу катары компетенцияларын чыңдайт.

Бул айыл жерлериндеги жаш аялдар менен эркектерди өз потенциалын жакшыраак аңдап-түшүнүүсүн жана колдонуусун активдештирүү үчүн натыйжалуу мамиле болуп саналат. Бул аспектилерди ийгиликтүү ишке ашыруунун аркасында жергиликтүү жамааттарда экономикалык жана социалдык турмуш туруктуу өнүктүрүлөт. Жаштардын катышуусун камсыз кылуу жана ишкердикти өнүктүрүү социалдык обочолонууну жана жашоо деңгээлинин төмөндүгүн жеңүүнүн маанилүү инструменттери болуп саналат. Долбоор кызыкдар тараптардын милдеттенмелеринин жана жарандык коом тарабынан аныкталган суроо-талапка багытталган жергиликтүү стратегиялардын ортосунда синергияны (өз ара толуктоочу кызматташтыкты) түзөт, инновациялык өнөктөштүктөргө жана ишкердик ишмердүүлүктү колдоого көмөктөшөт, айрыкча жаш аялдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар арасында, ошондой эле климаттын өзгөрүшүнүн глобалдык тенденцияларын жана санариптик технологияларды киргизүүнү эске алат.

Долбоор Кыргыз Республикасынын Жаштар саясатынын мамлекеттик программасына ошондой эле Кыргыз Республикасында аялдардын ролун активдештирүүнүн 2021–2030-жылдарга карата Улуттук стратегиясына ылайык келет.

Долбоор жаштардын жарандык катышуусу жана социалдык өзүн-өзү ишке ашыруусу үчүн укуктук, экономикалык жана уюштуруучулук шарттарды түзүүгө жана чыңдоого багытталган. Бул ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2040-жылга чейинки Улуттук өнүгүү стратегиясына да ылайык келет.

Долбоор жаштарды кесиптик ишмердүүлүккө жана жигердүү жарандык катышууга шыктандырат. Долбоор ишкерлердин кесиптик көндүмдөрүн жогорулатууга жана ишкердик демилгелерди өнүктүрүүгө багытталган КР аялдардын ишкердигин колдоо жана өнүктүрүү боюнча 2022–2026-жылдарга карата программаны ишке ашырууга көмөктөшөт.

Маалымат Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий сайттарында жеткиликтүү.

Долбоор жогоруда баяндалган көйгөйлөрдү эске алуу менен иштелип чыккан жана гендердик теңчилик маселелерине, ошондой эле жаш аялдардын коомдун экономикалык жана социалдык турмушуна жигердүү катышуусуна өзгөчө көңүл бурат.

Долбоордун күтүлгөн натыйжалары (EMPATY):

КН1: Тандалып алынган ЖКУлар суроо-талапка ээ болгон кызматтарды көрсөтүү жана жаш аялдар менен эркектердин коомдун социалдык жана экономикалык турмушуна жигердүү катышуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жаатындагы потенциалын чыңдашты.

КН2: ЖКУлар жамааттарда жаштардын жарандык жигердүүлүгүн стимулдаштырууга жана жаш аялдар менен эркектердин ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө, социалдык жана бизнеске багытталган иш-чараларды ишке ашырышат.

КН3: Мамлекеттик кызыкдар тараптардын, ЖКУлардын, жеке сектордун жана билим берүү мекемелеринин катышуусу менен түзүлгөн натыйжалуу жана инновациялык көп тараптуу ыкмалар жана платформалар инклюзивдүү саясатка жана чечим кабыл алууга, иш менен камсыз кылууга, жигердүү жарандык катышууга, гендердик теңчиликке жана айлана-чөйрөнү коргоого өбөлгө түзөт.

КН4: Атайын иштелип чыккан квалификацияны жогорулатуу модулу жигердүү жаш аялдар менен эркектердин, айрыкча айыл жерлеринин жашоочуларынын иш менен камсыз болуу деңгээлин, жарандык катышуусун жана социалдык жоопкерчилигин жогорулатты.

КН5: Тандалып алынган ЖКУлар аялдарды социалдык ишкердикке тартуу жана алардын туруктуу идеяларын иштеп чыгууда жана сунуштоодо инновациялык жана санариптик инструменттерди колдонууга колдоо көрсөтүү аркылуу гендердик теңчилик жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери боюнча инклюзивдүү диалогго көмөктөшүү багытындагы потенциалын чыңдашты.

Максаттуу топтор

Максаттуу топ 1 (МТ 1): КР Ысык-Көл, Нарын, Манас жана Ош облустарынын негизинен айыл аймактарында иш алып барган кеминде 30 ЖКУ жана/же жергиликтүү демилгелүү уюмдар. Уюмдардын кеминде 3 жылдык иш тажрыйбасы, туруктуу кызматкерлери болушу жана жаш аялдар менен эркектердин арасында жигердүү иш жүргүзүшү керек.

Максаттуу топ 2 (МТ 2): Экономикалык, гендердик жана/же социалдык тоскоолдуктарга дуушар болгон 18 жаштан 35 жашка чейинки кеминде 3000 жаш аял жана эркек (ар бир райондо болжол менен 750 адам; кеминде 50% аялдар) жамааттык демилгелерди иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жигердүү катышат. Мындан тышкары, кеминде 70 жамаат мүчөсү (ар бир райондон кеминде 5 адам) долбоордун натыйжаларын узак мөөнөттүү жайылтуу үчүн волонтёр-мультипликаторлор катары иш алып барат.

Максаттуу топ 3 (МТ 3): КР улуттук, аймактык жана райондук бийлик органдарынын кеминде 80 өкүлү жаштар жана гендердик маселелер боюнча жигердүү иш алып барган жарандык коом уюмдары менен тегерек столдордун жана талкуулардын алкагында өткөрүлүүчү саясий диалогго жана потенциалды жогорулатуу иш-чараларына катышат. Бул жарандык коом менен кызматташуу көндүмдөрүн чыңдоого жана жаштарды чечим кабыл алуу процессине катышууга жигердештирүүгө көмөктөшөт.

Акыркы бенефициарлар: кеминде 5 жогорку окуу жайы ЖКУлар, жеке сектор жана мамлекеттик кызыкдар тараптар менен кызматташууну чыңдап, өз студенттеринин кесиптик өзүн-өзү ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртат. Түз бенефициарлардын үй-бүлөлөрү жана максаттуу аймактардагы жергиликтүү калк (болжол менен 2 475 000 адам) жаштардын жана аялдардын эмгекке жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашынан пайда алышат, бул үй чарбаларынын кирешелеринин көбөйүшүнө жана жашоо деңгээлинин жакшырышына алып келет.

Акыркы бенефициарлар

КР 4 максаттуу аймагындагы (Ысык-Көл, Нарын, Манас жана Ош облустары) кеминде 5 жогорку окуу жайы жана жергиликтүү калктын болжол менен 2 475 000 өкүлү бул долбоорду ишке ашыруудан пайда алышат. Негизинен айыл аймактарында жашаган жаштар жакырчылыкка, жумушсуздукка жана ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендигине туш болушат. Алар көп учурда саясий жана экономикалык процесстерден четте калышат. Айыл аймактарында жаштар маалыматка жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө чектелген жеткиликтүүлүккө ээ. Кеңири жайылган миграция, донордук долбоорлор жана социалдык тармактар аларды өзүн-өзү өнүктүрүүнүн жаңы инструменттерин издөөгө түрткү берет. Жаштар өз потенциалын ачуу, ишкердик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана өз жамаатынын экономикалык жана социалдык турмушуна салым кошуу үчүн ЖКУлардын системалуу колдоосуна муктаж.

Долбоор маалымдуулукту, потенциалды жогорулатуу жана жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана аларды колдоо багытында иш алып барган жарандык коом субъекттеринин жана жергиликтүү кызыкдар тараптардын өкүлдөрүнүн тармактарын түзүү аркылуу кызматташтык чөйрөсүн түзүүгө көмөктөшөт, мында:

а) жергиликтүү ЖКУлар кызматташууга, тармактарга биригүүгө жана жаштар менен жергиликтүү бийлик органдарынын ортосунда ортомчу болууга, жаштардын муктаждыктарын жеткирүүгө жана алардын потенциалын ачууга, ошондой эле жаштардын катышуусуна багытталган саясатты иштеп чыгуу жана иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн чечим кабыл алуучулар менен өз ара аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк алышат;

б) айыл аймактарындагы жаш жарандар саясий диалогго жана коомдук демилгелерге катышышат.

EMPATY кызыкдар тараптардын милдеттенмелеринин жана жарандык коом тарабынан аныкталган суроо-талапка багытталган жергиликтүү стратегиялардын ортосунда синергияны (өз ара толуктоочу кызматташтыкты) түзөт, инновациялык өнөктөштүктөрдүн өнүгүшүнө жана өз ара толуктоочу кызматташтыкка көмөктөшөт. Беш күтүлүүчү натыйжа жана аларга байланыштуу иш-чаралар төмөнкү бөлүмдөрдө кеңири баяндалат.

Глоссарий

Гендердик квоталар — убактылуу атайын чаралардын бир түрү болуп саналат жана саясий институттарда, эмгек мамилелери чөйрөсүндө жана башка тармактарда эки жыныстын өкүлдөрүнүн мыйзам менен белгиленген өкүлчүлүк деңгээлин билдирет. Эркектер менен аялдардын мамлекеттик органдардагы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы тең салмактуу өкүлчүлүгүнө жетишилген сайын мындай чаралар жокко чыгарылышы мүмкүн. Гендердик квоталар түзүмдүк тоскоолдуктарды жоюу жана белгилүү бир чөйрөдөгү, мисалы, эмгек рыногундагы же башка тармактардагы, анын ичинде чечим кабыл алуу процессиндеги басмырлоону азайтуу үчүн белгиленет. Белгилүү болгондой, квоталар гендердик теңчиликти бекемдөөнү камсыз кылбайт, алар болгону белгилүү бир ишмердүүлүк чөйрөлөрүндө аялдардын өкүлчүлүгүн көбөйтөт жана келечекте гендердик стереотиптерди жоюуга, ошондой эле гендердик маселелер боюнча билимдердин негизинде бардык тармактарда басмырлоону кыскартууга багытталган инклюзивдүү саясатты түзүүгө басым жасайт. Квоталарды белгилөөнүн эң көрүнүктүү чөйрөлөрү болуп саясат, улуттук билим берүү системасы жана мамлекеттик башкаруу саналат. Бул тармактарда натыйжалуулук жетекчилик кызматтарда өкүлчүлүк кылган аялдардын саны менен да өлчөнөт.

Басмырлоо — стереотиптерге жана жаңылыш түшүнүктөргө негизделген жеке адамга же адамдар тобуна карата айырмаланган мамиле. Басмырлоо ар кандай чөйрөдө кездешет. Ар бир адам басмырлоонун курмандыгы болуп калышы мүмкүн. Басмырлоонун кесепеттеринин бири — экономикалык ресурстарга жеткиликтүүлүктүн чектелиши. Мисалы, адам башка этностук тектен болгондугу үчүн жумушка орношо албай калышы мүмкүн. Басмырлоо адамдын негизги укуктарынын бузулушу болуп саналат. Ар бир адам басмырлоого дуушар болбоого укуктуу.

Жыныс белгиси боюнча басмырлоо — гендердик стереотиптерге негизделген адилетсиз мамиле. Гендердик басмырлоонун курмандыгы аялдар да, эркектер да болушу мүмкүн. Жыныс белгиси боюнча басмырлоо аялдарга же эркектерге алардын белгилүү бир жыныска таандык экендиги үчүн гана терс мамиле жасалганда пайда болот. Мисалы, аялдардын негизги ролу үйдө калып, балдарды кароо деп эсептелгендиктен, аларды жумушка алуудан баш тартуу — басмырлоонун бир түрү болуп саналат.

Кастык тили — расасы, этностук таандыктыгы, тили, дини, жынысы, жаш курагы, сексуалдык ориентациясы жана башка жалпы белгилери бар белгилүү бир адамга же адамдар тобуна карата жек көрүүнү козуткан сөздөрдү билдирет. Кастык тили стереотиптерге жана жаңылыш түшүнүктөргө негизделет.

Гендердик тең салмактуулук — ар кандай тармактарда эки жыныстын өкүлчүлүгүнүн формасы катары эркектер менен аялдардын сандык катышын билдирет. Гендердик тең салмактуулуккалктын жалпы санына карата үлүшүнө ылайык эки жыныстын өкүлдөрүнүн пропорционалдуу санын камсыз кылат.

Гендердик теңчилик — аялдар жана эркектер үчүн алардын жеке жана топтук муктаждыктарына ылайык шарттарды түзүү болуп саналат. Гендердик теңчиликтин мисалы катары баласын эмизген аялдар үчүн жумуш ордунда бардык зарыл шарттарды камсыз кылууну айтууга болот. Кыргызстанда иш берүүчүлөр бир жарым жашка чейинки балдары бар иштеген аялдарга баласын эмизүү үчүн ар бир үч сааттык иштен кийин кеминде 30 мүнөткө созулган кошумча акы төлөнүүчү тыныгууларды берүүгө милдеттүү. Эгерде иштеген аялдын эки же андан көп эмизген баласы болсо, тыныгуунун узактыгы кеминде 1 саатты түзүүгө тийиш.

Эмгекке акы төлөөдөгү теңчилик — бирдей баалуулуктагы эмгек үчүн бирдей акы төлөөнү камсыз кылуу болуп саналат. Мисалы, Кыргызстанда аялдардын эмгек акысы эркектердин эмгек акысынын болгону 69%ын түзөт, ал эми айрым аймактарда эмгек акыдагы айырма мындан да жогору: Ысык-Көл облусунда — 45,2%, Талас облусунда — 54,2%. Бул негизинен аялдар басымдуу түрдө эмгектенген кесиптерде жана экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрүндө эмгек акынын төмөн болушу, ошондой эле көбүрөөк эмгек акы төлөнүүчү жетекчилик кызматтарда аялдардын санынын аз болушу менен түшүндүрүлөт. Мисалы, аялдар катчы, мугалим, төмөнкү кызмат орундарындагы кызматкер жана башка кесиптерде иштешет, башкача айтканда, негизинен эркектер иштеген курулуш, энергетика жана башка тармактардагы кесиптерге салыштырмалуу азыраак эмгек акы төлөнүүчү кесиптерде эмгектенишет. Эмгекке акы төлөөдөгү теңчилик ушул көрүнүш менен күрөшүүгө багытталган жана бирдей баалуулуктагы эмгек үчүн аялдарга да, эркектерге да бирдей акы төлөнүшүнө кепилдик берет.

Гендердик теңчилик — коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө аялдар менен эркектерди таануууну жана аларды бирдей баалоону билдирет. Гендердик теңчилик — аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрү болуп саналат, бул жынысына карабастан ар бир адамга өз жөндөмдүүлүктөрүн саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий турмуш чөйрөлөрүнө катышуу үчүн эркин пайдалануюга мүмкүндүк берет.

Бул ар бир адамга өзүнүн жынысына байланыштуу өзгөчөлүктөрдүн таасирине дуушар болбостон, өз жөндөмдөрүн эркин өнүктүрүүгө жана өз тандоосун эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген укук болуп саналат. Аялдар менен эркектердин ар кандай жүрүм-турум үлгүлөрү, умтулуулары жана муктаждыктары бирдей бааланып жана колдоого алынышы керек. Гендердик теңчилик укуктардагы, милдеттердеги жана мүмкүнчүлүктөрдөгү теңчиликти камтыйт.

Бирдей мүмкүнчүлүктөр — аялдар менен эркектердин потенциалын өнүктүрүү жана ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү.

Ыдык көрсөтүү — адамдын кадыр-баркына таасир эткен, аны катуу стресске, тынчсыздануюга, коркууга же психологиялык жабыркоого алып келген, коркутуучу, кастык мамилени жараткан, кемсинтүүчү же мазактоочу чөйрөнү түзгөн басмырлоочу, тажатма жана тынымсыз тынчсыздандырган жүрүм-турум (денелик же оозеки) болуп саналат.

Сексуалдык ыдык көрсөтүү — кандайдыр бир пайда алуу же берүү максатында жасалган түздөн-түз же кыйыр сексуалдык мүнөздөгү асылууларды же сунуштарды билдирет. Ошондой эле бул түшүнүк адепсиз же мазактоочу комментарийлерди, атайылап жасалган, керексиз жана каалабаган тийүүлөрдү, сексуалдык мүнөздөгү тамашаларды жана кыйытмаларды, дене мүчөлөрүнө өжөрлүк менен тигилген көз караштарды, кыйытма маанидеги көз караштарды же жаңсоолорду, ошондой эле сексуалдык мазмундагы кемсинтүүчү сүрөттөрдү же фотосүрөттөрдү көрсөтүүнү да камтыйт. Сексуалдык ыдык көрсөтүү гендердик басмырлоонун тике түрү болуп саналат жана Кыргызстанда тыюу салынган.

Гендердик жактан тең салмактуу катышуу — саясий же коомдук турмуштагы чечим кабыл алуучу ар кандай органдардагы аялдардын же эркектердин өкүлчүлүгү болуп саналат жана ал кеминде 40%ды түзүүгө тийиш.

Гендердик саясат гендердик теңчилик принцибин ишке ашырууну камсыз кылуучу укуктук ченемдерди белгилөөгө багытталган жана «басмырлоого жол бербөө» принциби реалдуу гендердик теңчиликке жетишүү үчүн жетишсиз экендигин тааныйт. Гендердик теңчиликтин кепилдиктерин камсыз кылуу үчүн өкмөт активдүү атайын чараларды жана гендердик теңчилик максатына натыйжалуу жетишүү үчүн зарыл деп эл аралык уюмдар тарабынан тааныл ган ар түрдүү стратегияларды натыйжалуу киргизүүгө жана колдонууга тийиш. Бул стратегияларга карата айкалыштырылган мамиле жалпы тааныл ган болуп эсептелет: бир жагынан, позитивдүү аракеттерди/убактылуу атайын чараларды кошкондо конкреттүү иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу, экинчи жагынан, саясаттын бардык процесстеринде жана багыттарында гендердик маселелерди эске алуу.

Гендердик перспектива — сунушту гендердик көз караштан талдоо болуп саналат. Ал [конкреттүү] сунушта аялдар менен эркектердин муктаждыктары бирдей деңгээлде эске алынып жана канааттандырылып жатканын аныктоого жардам берет. Бул чечим кабыл алуучу органдарга аялдар менен эркектердин социалдык-экономикалык реалдуулугун түшүнүүгө негизделген саясатты иштеп чыгууга жана (гендердик) айырмачылыктарды эске алуу менен саясат жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Сексизм — жыныс жана/же гендер белгиси боюнча жаңылыш түшүнүктөрдү, стереотиптерди жана басмырлоону билдирет. Сексизм сөздөрдө, аракеттерде жана ой жүгүртүүдө көрүнүп, мындай аракеттерге дуушар болгон адамдын аброюна жана кадыр-баркына таасир этет. Сексизм аялдарга карата да, эркектерге карата да көрүнүшү мүмкүн.

Гендердик стереотиптер — аялдар жана эркектер кандай болушу керектиги жөнүндө түшүнүктөрдүн жыйындысы. Гендердик стереотиптер аялдарга да, эркектерге да таңууланат. Бул жүрүм-турум үлгүсү болуп саналат жана ал аялдын да, эркектин да жеке жана кесиптик өнүгүүсүн чектеши мүмкүн.

I бөлүм.

Гендердик теңчиликке карата жалпы мамилелер

1-бөлүк: Гендердик теңчиликти түшүнүүгө концептуалдык мамилелери

Мыйзам чыгаруу органдары өзүнүн табияты боюнча калктын/коомдун бардык катмарларынын кызыкчылыктарын коргоого тийиш. Бирок парламенттерде өкүлчүлүк кылган аялдардын үлүшү өтө аз жана жай өсүүдө. Парламенттер аралык союздун маалыматы боюнча, 2026-жылы дүйнө парламенттериндеги аялдардын үлүшү 27,5%ды, ал эми өкмөттөрдөгү үлүшү болгону 22,4%ды түзөт. Дүйнөнүн дээрлик бардык парламенттеринде аял депутаттардын үлүшү жалпы коомдогу аялдардын үлүшүнө караганда кыйла төмөн. Изилдөөчү Пиппа Норрис белгилегендей: «… дүйнө жүзүндөгү парламенттердин көпчүлүгү…үй-бүлөдө, мектепте жана эмгек рыногундагы өзгөрүүлөргө карабастан, шайлоочулардын арасындагы аялдардын үлүшүн чагылдырбайт». Ал ошондой эле жогорку шайлануучу органдарда аялдардын катышуусун камсыз кылуунун жана алардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн зарылдыгы улам өсүп жатканын белгилейт.

Коомдук пикир аялдардын карьералык өсүү мүмкүнчүлүктөрүнө, анын ичинде жетекчилик жана башкаруучу кызматтарга шайлануу мүмкүнчүлүктөрүнө, ошондой эле мындай кызматтарга интеграцияланышына таасир этет. Бул өзгөчө дипломатия, сот адилеттиги, коргоо, коопсуздук жана укук тартибин камсыз кылуу сыяктуу салттуу түрдө «эркектерге таандык» деп эсептелген тармактарда байкалат.

Аялдардын адам укуктарын толук пайдалануу жана саясий турмушка толук кандуу катышуу мүмкүнчүлүгү алардын өз өлкөсүндөгү социалдык жана укуктук абалдан көз каранды. Аялдар коомдогу аялдар менен эркектердин ар кандай ролдору тууралуу үстөмдүк кылган маданий жаңылыш түшүнүктөрдүн жана стереотиптик көз караштардын таасирине дуушар болушат. Аялдар укуктук, экономикалык жана маданий жактан адилетсиз абалда болгон коомдордо алар шайлоо процессине катышуу жана шайлоочулардын добуштарын алуу жагынан көбүрөөк ыңгайсыз абалда калышы мүмкүн.

Бул колдонмодо стереотиптерге жана гендердик ролдорго байланышкан мындай жаңылыш түшүнүктөр аялдардын чечим кабыл алуу процессине катышуусуна кандай таасир этери каралып, түшүндүрүлөт.

Жыныс менен гендердин ортосундагы айырма кандай?

Жыныс — биологиялык компонент, ал эми гендер — социалдык-маданий компонент болуп саналат. Жыныс адамды аял же эркек катары аныктаган биологиялык жана физиологиялык айырмачылыктарга негизделет. Аларга ички жана тышкы репродуктивдик органдар, гормондор жана хромосомалар кирет. Эркектер менен аялдардын ортосундагы физиологиялык айырмачылыктар универсалдуу болуп саналат жана, адатта, төрөлгөндө аныкталат.

Гендер — белгилүү бир коомдогу аялдар менен эркектердин социалдык-маданий ролдору жана милдеттери аркылуу чагылдырылган, коом тарабынан калыптандырылган мүнөздөмөлөрдү билдирет. Адамдар эркек же аял болуп төрөлүшөт, бирок кыз же уул бала болууга үйрөнүшөт. Кийинчерээк алар аял же эркек болууну үйрөнүшөт, ошондой эле башка адамдарга карата мамилелеринде ар бирине ылайыктуу деп эсептелген ролдор жана ишмердүүлүк түрлөрү ыйгарылат. Мындай калыптануу адамдын жүрүм-турумун анын жынысына жана коомдогу ролуна жараша аныктайт. Демек, жыныс менен адам төрөлөт. Ал эми гендер ар бир адам тарабынан жашоо циклинин жүрүшүндө калыптанат.

Гендердик идентүүлүк деген эмне? Гендердик идентүүлүк — адамдын өзүн эркек же аял катары кандай кабыл аларын билдирет. Коом шарттуу эрежелерди же гендердик ролдорду белгилейт (адам кандай кийиниши керек же кийинбеши керек, өзүн кандай сезиши керек, башкаларга карата мамилелеринде өзүн кандай алып жүрүшү керек ж.б.). Бул чектерге туура келбеген, аялдарга жана эркектерге салттуу түрдө ыйгарылган ролдорду аткарбаган адамдар көп учурда ылайыксыз мамилеге же басмырлоого дуушар болушат. Мындай көрүнүш жаманатты кылуудан тартып коомдон четтетүүгө, оозеки куугунтуктоого, мазактоого жана зомбулукка чейин жетиши мүмкүн.

Бул контекстте биз гендердик теңчилик укуктардагы теңчиликти, милдеттердеги теңчиликти жана мүмкүнчүлүктөрдөгү теңчиликти билдирерин баса белгилейбиз. Аялдарга жана эркектерге тиешелүү гендердик ролдорду аңдап түшүнүү, гендердик идентүүлүктү жеке жана кесиптик өзүн-өзү ишке ашыруу аркылуу баалоо — мунун баары биригип эки жыныстын тең жашоосуна маани берет.

«Гендердик теңчилик» термини кээде туура эмес чечмеленет, башкача айтканда, аялдар менен эркектер «бирдей болушу керек» деген түшүнүк катары кабыл алынат.

Чындыгында, эркектер менен аялдар бирдей эмес жана эч качан бирдей болбойт (анткени эки адам, атүгүл сиам эгиздери да, толугу менен бирдей боло алышпайт). Жаш куракташы, маданияттагы, диндеги, расадагы жана турмуштук тажрыйбадагы айырмачылыктар биздин коомдордун жана жамааттардын ар түрдүүлүгүнө салым кошкондой эле, эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктар да бул ар түрдүүлүккө олуттуу салым кошот. Мындан тышкары, айрым жагынан эркектер аялдардан айырмалангандай эле, аялдардын арасында да, эркектердин арасында да чоң ар түрдүүлүк бар (жаш курагы, социалдык жана экономикалык статусу, майыптыгы жана башка белгилери боюнча).

Бул контекстте гендердик теңчилик эркектер менен аялдардын ар кандай кызыкчылыктары, муктаждыктары жана баалуулуктары бирдей деңгээлде бааланып жана колдоого алынышын билдирет. Гендер — бул социалдык түзүлүш. Ага ылайык аялдар менен эркектер өздөрүн ар башкача алып жүрүүгө үйрөтүлөт, алардын ролдору жана кызыкчылыктары бири-бирине дал келе бербейт. Адатта жайылтылып жаткан жүрүм-турум үлгүлөрү жана баалуулуктар дайыма эле аялдар менен эркектердин

ортосундагы айырмачылыктарды эске ала бербейт. Мында негизги көңүл көбүнчө эркектерге мүнөздүү деп эсептелген баалуулуктарга бурулат. Социалдык түзүмдөр жана институттар көп учурда гендердик тең салмаксыздыкты жаратып жана сактап келишет. Бул эмгек рыногунда же аялдар басымдуулук кылган тармактарда бөлүнүүгө алып келиши мүмкүн (мындай тармактарда негизинен эркектер басымдуулук кылган тармактарга салыштырмалуу азыраак эмгек акы төлөнөт). Аялдардын эмгегине жана эркектердин эмгегине ыйгарылган баалуулуктар бирдей эмес. Бул айырмачылыктар бир коомдон экинчи коомго, бир маданияттан экинчи маданиятка өзгөрүп турат жана «гендердик айырмачылыктар» деп аталат (Bocioc, 2004, 13-бет).

Гендердик маселелерди эске алуу—гендердик теңчиликтин жогорку деңгээлине жетүүгө багытталган комплекстүү стратегия болуп саналат. Бул саламаттык сактоо, билим берүү, айлана-чөйрөнү коргоо, соода, транспорт жана башка тармактарда социалдык кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик мекемелердин ишинде гендердик маселелерди эске алуу аркылуу камсыздалат.

Белгилей кетүүчү нерсе, гендердик маселелерди эске алуу мамилеси аялдарды өзүнчө карабайт, тескерисинче эркектер менен аялдарды өнүгүү процессинин катышуучулары жана анын бенефициарлары катары карайт. Өнүгүүгө карата «бейтарап» мамиледен айырмаланып, гендердик маселелерди эске алган мамиле саясат жана иш-чаралар эркектерге жана аялдарга, балдарга жана кыздарга бирдей таасир этет деп болжолдобойт.

Гендердик маселелерди эске алуу мамилеси чечим кабыл алуучу органдарга жана эксперттерге гендердик теңсиздиктин натыйжаларына гана көңүл бурууга эмес, ошондой эле аны пайда кылган процесстерди аныктоого жана жоюуга мүмкүнчүлүк берет.

1-тапшырма: «Эркек болуунун/аял болуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери»

Максаты: Гендердик айырмачылыктарды жана окшоштуктарды түшүнүү.
Керектүү материалдар: *флипчарттар, маркерлер*. Убактысы: 30 мүнөт.

Тапшырманын сүрөттөлүшү: катышуучулар 4 топко бөлүнөт (аралаш топтор: эркектер жана аялдар). Ар бир топ төмөнкү компоненттер чагылдырылган жагдайларды аныкташы керек:

1. Эркек жыныстын аял жынысына салыштырмалуу артыкчылыктары
2. Эркек жыныстын аял жынысына салыштырмалуу кемчиликтери
3. Аял болуунун эркек болууга салыштырмалуу артыкчылыктары
4. Аял болуунун эркек болууга салыштырмалуу кемчиликтери

Талкуу үчүн суроолор:

- Аялдардын эркектерге салыштырмалуу кандай артыкчылыктары/кемчиликтери бар (биологиялык, жеке, үй-бүлөлүк, кесиптик)? Аял болуу эркек болууга караганда жеңилби же кыйыныраакпы?
- Эркектердин аялдарга салыштырмалуу кандай артыкчылыктары/кемчиликтери бар (биологиялык, жеке, үй-бүлөлүк, кесиптик)? Эркек болуу аял болууга караганда жеңилби же кыйыныраакпы?
- Жооптор флипчарттарга жазылып, талкууланат. Андан соң жалпы топ үчүн презентация өткөрүлөт.
-

Ой жүгүртүүлөр жана жыйынтыктар:

- Эркектер да, аялдар да артыкчылыктарга жана кемчиликтерге байланыштуу жагдайларга туш болушу мүмкүн.
- Айырмачылыктар биологиялык өзгөчөлүктөр менен гана эмес, социалдык чечмелөөлөр менен да байланыштуу. «Айкын багыт» фондунун «Кызга окшоп» аттуу социалдык видеоролигин көрүүнү сунуштаңыз
- Аялдардын артыкчылыктары эркектердин кемчиликтерине каршы коюлушу мүмкүн жана тескерисинче.
- Аялдар менен эркектердин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин билүү менен гендердик муктаждыктарга ылайык иш-аракеттерди жана долбоорлорду тууралоого, ошондой эле басмырлоонун алдын алууга болот.

2-бөлүк: Гендердик ролдор

Гендердик ролдор деген эмне?

Гендердик ролдор—бул коом белгилүү бир жыныс менен байланыштырган үстөмдүк кылган көз караштар жана жүрүм-турум үлгүлөрү, башкача айтканда, аялдар менен эркектердин укуктары жана милдеттери.

Алар коом эркектерге же аялдарга таандык деп аныктаган психологиялык жүрүм-турум үлгүлөрүнүн, көз караштардын, ченемдердин жана баалуулуктардын жыйындысын камтыйт. Гендердик ролдор эркектер менен аялдардын ортосундагы социалдык айырмачылыктардан келип чыгат жана алардын кандай ой жүгүртүшү, кандай сезиши жана кандай аракет кылышы керектигин аныктайт. Алар ар кандай коомдордо айырмаланат, белгилүү бир коомдо калыптанган социалдык-маданий ченемдерге жана тарыхый кырдаалдын контекстине көз каранды болот. Гендердик ролдор ар кандай жаш курактык жана социалдык топтордо өзгөрүп турушу мүмкүн жана убакыттын өтүшү менен ар түрдүү факторлордун таасири астында өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн.

«Өндүрүмдүү» жана «репродуктивдүү» ролдор кандайча көрүнөт?

Көптөгөн коомдордо кеңири таралган ченемдердин бири — аялдардын турмуштагы негизги милдети балдарды төрөп, тарбиялоо, ал эми эркектердики — аларды камсыз кылуу деген түшүнүк болуп саналат. Бул гендердик теңсиздик үчүн эки негизги кесепетти жаратат:

- Эркектердин «өндүрүмдүү» ролу менен аялдардын «репродуктивдүү» ролунун ортосундагы жалган бөлүнүү. Балдарды кароо жана тарбиялоо милдети аялдарга гана таандык болушу керек деген күтүүлөр алардын кесиптик мобилдүүлүгүн чектейт. Ошол эле учурда бул эркектердин камкорчу жана бала тарбиялоочу ролунан четтетилишине алып келиши мүмкүн.
- Турмушка чыкпаган жана балдары жок аялдар өзүн толук ишке ашыра албаган адамдар катары кабыл алынышы мүмкүн, ошондой эле саясатта, бизнесте, билим берүү тармагында жана башка чөйрөлөрдө кызматтарды ээлөөгө жөндөмсүз деп эсептелиши мүмкүн. Бул көп учурда социалдык статусунун төмөндөшүнө, жынысы жана үй-бүлөлүк абалы боюнча басмырлоого алып келет.

Гендердик ролдор кандайча калыптанат?

Кыздардын жана эркек балдардын жүрүм-туруму көп жагынан гендердик ролдор менен аныкталат. Бул ролдор эрте балалык куракта калыптана баштайт. Гендердик идентүүлүктүн калыптанышы эрте жаштан башталып, өзүн кыз же эркек бала жынысына таандык сезүү аркылуу көрүнөт. Изилдөөлөргө ылайык, гендердик идентүүлүк 2–3 жаштан тартып биологиялык өзгөчөлүктөрдү өздөштүрүү аркылуу калыптанат. Үч жашка келгенде эле эркек балдар көбүнчө башка эркек балдар менен ойноону, ал эми кыздар кыздар менен ойноону артык көрүшөт. Эрте жаш куракта балдардын олуттуу бөлүгү (эркек балдар да, кыздар да) өз теңтуштары тарабынан четке кагылат.

7–9 жаш курагында кыздар менен эркек балдардын гендердик идентүүлүгү социалдык факторлордун таасири астында, гендердик ролдорду өздөштүрүү аркылуу калыптана баштайт. Өспүрүм куракты алгачкы мезгилинде эркек балдардын теңтуштары арасындагы аброю жана популярдуулугу көбүнчө алардын физикалык күчүнө, агрессивдүүлүгүнө жана канчалык деңгээлде «мыкты» деп эсептелгенине жараша аныктала баштайт. Физикалык үстөмдүк эркек балдардын чөйрөсүндөгү мамилелердин өзгөчө ченемдик формаларынын бири болуп саналат. Орто өспүрүм куракта кыздардын көңүлүн көбүнчө физикалык жактан жакшы өнүккөн жана өзүн чакырык таштагандай алып жүргөн жаш жигиттер көбүрөөк бурат. Мындай уландар кыздар менен баарлашууну, достукту жана романтикалык мамилелерди башкаларга караганда эртерээк баштан өткөрүшөт. Ошентип, эркек балдардын агрессивдүү же өзүн көрсөтүүгө багытталган жүрүм-туруму белгилүү бир деңгээлде теңтуштарынын социалдык күтүүлөрү тарабынан колдоого алынат.

Мындай мамиленин жүрүм-турум деңгээлинде жогорку класстарда бекемделиши кыздарга карата гендердик басмырлоочу мамиленин калыптанышына алып келиши мүмкүн жана анын натыйжасында сексуалдык зомбулукка шарт түзүшү ыктымал. Жаш уландын катаал жүрүм-туруму коом тарабынан «чыныгы эркектин» образы катары жактырылган шарттарда, келечекте анын кыздар менен конструктивдүү өнөктөштүк негизинде мамиле түзүүсү кыйындашы мүмкүн. Ошондой эле пайда болгон чыр-чатактарды (мисалы, үй-бүлөдө же жубайлардын ортосунда) сүйлөшүү жолу менен эмес, күч колдонуу аркылуу чечүү коркунучу жогорулайт.

Эксперттер белгилешкендей, гендердик идентүүлүккө болгон мамиле — ал реалдуу же болжолдонгон болобу — өспүрүмдөрдү системалуу түрдө мазактоонун, ошондой эле аларды үзгүлтүксүз жана узак убакыт бою куугунтуктоонун көптөгөн учурларынын негизинде жатат. Бул жагынан алганда, кыздардын сырткы көрүнүшү жана жүрүм-туруму «салттуу» аялдык тууралуу түшүнүктөргө туура келбеген учурда, алар мындай жагдайларга көп туш болору байкалат.

Ошол сыяктуу эле, эркек балдар да, айрыкча физикалык жактан алсызыраак болгон жана алардын жүрүм-туруму «чыныгы эркек» кандай болушу керек деген кеңири таралган түшүнүктөргө туура келбеген учурда, шылдыңдоонун, мазактоочу ат коюунун, физикалык жана сексуалдык зомбулуктун объектиси болуп калышы мүмкүн.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ар кандай коомдордо эркек балдар кыздарга караганда зомбулукка байланышкан жагдайларга көбүрөөк тартылышат: ур-токмокко кабылуу, ыдык көрсөтүү, түздөн-түз мазактоо, ошондой эле зомбулук көрсөткөн адам, күбө же жабырлануучу катары катышуу учурлары көп кездешет. Салыштырмалуу алганда, эркек балдар көбүнчө физикалык агрессияга кайрылышса, кыздар оозеки жана психологиялык зомбулук көрсөтүүгө көбүрөөк ыкташат. Бул өзгөчөлүк кыздар менен эркек балдардын гендердик социалдашуусунун өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу.

2-тапшырма: «Гендердик ролдорду жана жыныстык таандыктыкты аныктоо»

Максаты: Жыныс менен гендердик ролдордун ортосундагы айырмачылыктарды түшүнүү.

Керектүү материалдар: *төмөндө келтирилген таблица басылган баракчалар.*
Убактысы: 15 мүнөт.

Тапшырманын сүрөттөлүшү: катышуучуларга төмөндө келтирилген таблица камтылган баракчалар таратылат. Ар бир катышуучу таблицадагы берилген билдирүүлөрдү гендердик (социалдык) жана жыныстык (биологиялык) ролдордун көз карашынан талдап чыгышы керек.

№	Ырастоо	Жыныс	Гендердик ролу
1	Аялдар бала төрөй алышат, эркектер төрөй алышпайт.		
2	Аялдар баласын эмизе алышат, эркектер эмизе алышпайт.		
3	Эркек балдар машиналар менен, ал эми кыздар куурчактар менен ойногонду жакшы көрүшөт.		
4	Өспүрүм курakta эркек балдардын үнү өзгөрөт, ал эми кыздардын үнү өзгөрбөйт.		
5	Кыздар эркек балдарга караганда тил алчаак болушат.		

Талкуу үчүн суроолор:

- Кайсы ырастоо жалаң гана биологиялык айырмачылыктарга тиешелүү?
- Кайсы ырастоо жалаң гана социалдык айырмачылыктарга тиешелүү?

Жооптор таблицада белгиленет. Бир катышуучу ар бир ырастоону үн чыгарып окуйт, топ менен талкуулайт, ой жүгүртөт жана жыйынтык чыгарат:

- 1-, 2- жана 4-билдирүүлөр жыныстык (биологиялык) ролдорго тиешелүү (репродуктивдик функция /өнүгүү менен байланышкан).
- 3- жана 5-билдирүүлөр гендердик (социалдык) ролдорго тиешелүү (коомдук турмуштагы ролдор жана күтүүлөр менен байланышкан).

- Жыныстын жана гендердик ролдордун аспектилерин билүү гендерге көз каранды жүрүм-турумду, ошондой эле гендердик (социалдык) муктаждыктарды түшүнүүгө жана стереотиптердин алдын алууга мүмкүндүк берет.
- Таблицаны башка ырастоолор менен толуктап, аларды нускамага ылайык таблицага киргизүүгө болот (катышуучулар менен талкуулоо жана талдоо үчүн ырастоолордун варианттары):

1. Аялдар балдарды жакшыраак тарбиялашат.
2. Эркектер жакшы жетекчи болушат.
3. Кыргызстанда калктын басымдуу бөлүгүн аялдар түзөт.

3-бөлүк. Гендердик стереотиптер

Стереотиптер деген эмне?

Гендердик стереотиптер — аялдар жана эркектер кандай болушу керектиги жөнүндө түшүнүктөрдүн жыйындысы. Гендердик стереотиптер аялдарга да, эркектерге да алардын жеке жана кесиптик өнүгүүсүн чектеши мүмкүн болгон жүрүм-турум үлгүлөрүн таңуулайт.

Стереотиптер социалдык түзүлүш катары белгилүү бир адамдар тобуна белгилүү бир мүнөздөмөлөрдү ыйгаруу боюнча коомдо калыптанган жалпы түшүнүктөр болуп саналат. Алар адамдарга белгилүү бир стереотиптик топко таандык адамдар жөнүндө алдын ала пикирлерди жана күтүүлөрдү түзүүгө мүмкүндүк бергендиктен, белгилүү бир функцияны аткарышат. Жаңылыш түшүнүктөр терс эмоционалдык реакцияларды пайда кылган бекемделген көз караштарды билдирет. Мисалы: «психикалык оорулардан жапа чеккен адамдардын баары зомбулукка жакын болушат» деген сыяктуу түшүнүк. Мындай жаңылыш түшүнүктөр терс эмоциялар менен байланышкан. Алдын ала калыптанган терс пикир ачууланууга алып келет жана кастык мамилени жаратышы мүмкүн, ал эми акырында басмырлоого алып келиши ыктымал.

Стереотиптердин кесепеттери кандай?

Гендердик стереотиптер көп учурда зомбулуктун себептеринин бири болуп калат. Эркектердин үстөмдүк кылышы жана аялдардын баш ийиши жөнүндө салттуу түшүнүктөр кыздарга жана аялдарга карата гендердик зомбулуктун себептерине айланат.

Бүгүнкү күндө үйрөтүлүп жаткан эркектик түшүнүгү бийлик (физикалык, экономикалык, психологиялык), көзөмөл жүргүзүү жана зомбулук аркылуу аныкталат. Эркек балдарга эркек болуш үчүн алар чоң, күчтүү, үстөмдүк кылуучу жана агрессивдүү болушу керек деген түшүнүк сиңирилет. Биз мындай образды көп учурда үй-бүлөдө, жамаатта, мультфильмдерде (мисалы, Супермен кандай көрүнөт?), фильмдерде жана

башка маалымат каражаттарында көрөбүз. «Эркек болуш үчүн өз көз карашыңды таңуулашың керек, аялдардын айтканын укпай коюшуң керек, анткени “аял эркекке баш ийүүгө тийиш”» деген түшүнүк кездешет. Натыйжада баарлашуу менен диалогдун ордуна жаңжалга жана агрессияга жол берилет.

Гендердик стереотиптер адам укуктарын камсыз кылуу жолундагы тоскоолдуктардын бири болуп саналат. Алар адамды жеке, кесиптик же коомдук жашоосунун ар кандай жагдайларында басмырлоого дуушар кылышы мүмкүн жана бул узак мөөнөттүү терс кесепеттерге алып келет.

Гендердик стереотиптер — аялдар менен эркектерди салттуу ролдор менен чектеген ишенимдер жана түшүнүктөр. Алар аялдар жана эркектер жөнүндө жөнөкөйлөштүрүлгөн жана бурмаланган түшүнүктөрдү күчөтүп, жынысы боюнча басмырлоого алып келиши мүмкүн. Гендердик стереотиптер аялдар менен эркектердин ортосундагы чыныгы теңчиликке жетүү жолундагы олуттуу тоскоолдук болуп саналат жана жынысы боюнча басмырлоону күчөтөт. Гендердик стереотиптер белгилүү бир жыныска байланыштуу өзгөчөлүктөрдүн негизинде аялдарга жана эркектерге айрым сапаттарды жана ролдорду негизсиз түрдө ыйгарган алдын ала калыптанган терс пикирлерге негизделет. Гендердик стереотиптер кыздар менен уул балдардын, аялдар менен эркектердин тубаса жөндөмдөрүнүн жана таланттарынын өнүгүшүн, алардын билим алуудагы жана эмгек ишмердүүлүгүндөгү тажрыйбасын, ошондой эле жалпы жашоодогу мүмкүнчүлүктөрүн чектеши мүмкүн.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, айрым ролдор жана стереотиптер кооптуу жүрүм-турумду пайда кылып, аялдарга карата зомбулукту кадыресе көрүнүш катары кабылдоого алып келет. Мындай гендердик ролдорду жоюу максатында Кыргыз Республикасы 1996-жылы ратификациялаган Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө БУУнун Конвенциясынын 5-беренеси мамлекеттерди төмөнкү максатта бардык тиешелүү чараларды көрүүгө милдеттендирет: «Бир жыныстын экинчисинен төмөн же жогору тургандыгы жөнүндөгү түшүнүккө же эркектер менен аялдардын стереотиптик ролдоруна негизделген жаңылыш түшүнүктөрдү, каада-салттарды жана башка практикаларды жоюу үчүн эркектер менен аялдардын жүрүм-турумунун социалдык жана маданий үлгүлөрүн өзгөртүү». Мисалы, мамлекеттерге үй-бүлөдө эркектин башкы, ал эми аялдын экинчи даражадагы ролуна негизделген салттарды колдобоо сунушталат. Ошондой эле балдарды кароо жана тарбиялоо үчүн негизинен аялдар жооптуу, ал эми эркектер үй-бүлөнү камсыз кылуучу болушу керек деген гендердик стереотиптерди колдоодон алыс болуу сунушталат.

Стереотиптер менен ачыктык, билим жана үйрөнүүгө даяр болуу аркылуу күрөшүүгө болот!



3-тапшырма: Гендердик стереотиптер

Максаты: Гендердик стереотиптердин маңызын жана таасирин түшүнүү.

Керектүү материалдар: *төмөндө келтирилген таблица басылган барактар жана флипчарт барактары*. Убактысы: 45 мүнөт.

Тапшырманын сүрөттөлүшү: катышуучулар 3 топко бөлүнүшөт (жынысы боюнча аралаш топтор). Ар бир топ иштөө үчүн 2ден миф алат. Ар бир топ таблицада берилген билдирүүлөрдү кыздарга жана эркек балдарга тийгизген таасири жагынан талдап чыгышы керек.

Стереотиптер	*Стереотиптердин кесепеттери*		*Контраргументтер*
	кыздарга \ аялдарга	*эркек балдарга \ эркектерге*	
Эркектердин агрессивдүүлүгү тестостерондун деңгээлинен көз каранды—алар бул боюнча эч нерсе кыла алышпайт.			
Эң негизгиси, аялдар жакшы үй кожойкеси болушу керек, ал эми эркектер үй-бүлөнү камсыз кылууга тийиш.			
Эркек балдар катаал болушу керек, алар жүрүм-турумунда агрессивдүү болушу керек.			
Эркек балдар сезимтал болбошу керек, алар жакындарына болгон мээримин көрсөтпөшү керек.			

Жооптор таблицага жазылып, талкууга чыгарылат. Ар бир топ жалпы топто өз жыйынтыктарын сунуштайт.

Ой жүгүртүүлөр жана жыйынтыктар:

- Стереотиптик билдирүүлөр кыздардын жана эркек балдардын, аялдардын жана эркектердин жашоосуна ар кандай таасир тийгизет.
- Каршы аргумент катары стереотиптер менен күрөшүүгө багытталган төмөнкүдөй билдирүүлөрдү колдонууга болот:

1. Физикалык жана эмоционалдык ыңгайсыздык жараткан ар кандай каалабаган ыдык көрсөтүү ырайымсыз мамиле катары каралышы мүмкүн.
2. Эркек балдар ден соолугу жана мамилелери үчүн жакындарына болгон мээримин көрсөтүү пайдалуу жана маанилүү.
3. «Оюндун эрежелерин өзгөрткүлө» аттуу, «Айкын багыт» фонду тарабынан даярдалган социалдык видеороликти талкуулагыла Видеоролик терс стереотиптерден жана көнүмүш адаттардан баш тартып, «оюндун эрежелерин» өзгөртүүгө чакырат.

Стереотиптердин маңызын жана аларга каршы аргументтерди изилдөө кыздардын жана эркек балдардын жүрүм-турумун түшүнүүгө жана стереотиптердин алдын алууга жардам берет.

Жогоруда сунушталган методологияны колдонуу менен өзүңүздөр кездешкен башка стереотиптерди талдап көргүлө.

4-бөлүк: Гендердик басмырлоонун мазмуну жана формалары

Жынысы боюнча басмырлоо деген эмне? Гендердик теңсиздик деген эмне?

Ар кандай эл аралык документтерде басмырлоо мыйзам тарабынан тыюу салынган реалдуу же болжолдонгон белгилердин негизинде адамдын же адамдар тобунун укуктары менен эркиндиктерин айырмалоо, четтетүү, чектөө же артыкчылык берүү катары түшүндүрүлөт. Басмырлоого негиз боло турган тыюу салынган белгилерге төмөнкүлөр кирет: жынысы, расасы, тили, майыптыгы, этностук таандыктыгы, дин тутуусу, жаш курагы, саясий жана башка ишенимдери, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар.

Басмырлоо—бул адамдарга алардын терисинин түсү, ишенимдери, көз караштары, жаш курагы же башка ушул сыяктуу белгилери сыяктуу өздөрүнөтаандык өзгөчөлүктөрдүн негизинде негизсиз себептер менен адилетсиз мамиле жасоо же аларды белгилүү бир укуктардан ажыратуу.

Жынысы боюнча басмырлоо—аялдар менен эркектердин негизги адам укуктарын жана эркиндиктерин тең негизде таануу, ишке ашыруу же камсыздоону алсыратууга же жокко чыгарууга багытталган же ушундай натыйжага алып келген ар кандай айырмалоо, четтетүү, чектөө же артыкчылык берүү.

«Жынысы боюнча басмырлоо» термини менен катар **«гендердик басмырлоо»** термини да колдонулат. Жынысы боюнча басмырлоо—бул айрым адамдарга (көбүнчө аялдарга) алардын жынысына байланыштуу адилетсиз мамиле жасалган, теңсиздик мамиле көрсөтүлгөн же негизсиз түрдө айрым укуктардан ажыратылган аракет же жүрүм-турум. Бул басмырлоого дуушар болгон адамдын башка коомдук топтор үчүн жеткиликтүү болгон белгилүү бир укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруусуна жетүүнү четтетүүнү же чектөөнү камтышы мүмкүн.

Басмырлоо күндөлүк жашообузда ар кандай формада кездешет. Төмөндө мындай көрүнүштөрдүн айрым мисалдары келтирилген:

- Компаниянын директору катчыны жумушка алууну каалайт жана жарыяда бул кызматка сырткы келбети жакшы, турмушка чыга элек, 30 жашка чейинки жаш аялдар гана талапкер боло ала тургандыгын көрсөтөт. Бул басмырлоо болуп эсептелет, анткени жарыяда көрсөтүлгөн талаптар адамдын иш берүүчүнүн талаптарына жооп берүү жөндөмүнө эч кандай таасир этпейт. Кыргыз Республикасынын «Аялдар жана эркектер үчүн тең укуктардын жана тең мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамына ылайык

иш берүүчүлөргө бош жумуш орундарын жарыялоо (жарнама берүү) учурунда жумушту аялдарга гана же эркектерге гана сунуштоого, ошондой эле жумушка орношуп жаткан адамдардан алардын жеке жашоосу жана бала төрөө боюнча пландары тууралуу маалыматтарды талап кылууга тыюу салынат (18-берене).

- «Батир азиялык / славян тектүү адамдарга гана берилет» деген белгилери бар батир ижарасы тууралуу жарыялар. Бир жагынан, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 382-беренеси жарандардын келишим түзүү эркиндигине кепилдик берет. Батирдин ээси турак жайын кимге ижарага берүүнү өзү чечүүгө укуктуу. Бирок бул эркиндик Конституцияда белгиленген басмырлоого тыюу салуу принциби менен чектелет. Келишим түзүүдөн баш тартууну каршы тараптын этностук таандыктыгына гана негиздеп түшүндүрүүгө жол берилбейт.

- Майыптыгы бар окуучуну майыптар арабасы үчүн пандустун жоктугунан улам мектепке кабыл алуудан баш тартышат. Бул басмырлоо болуп эсептелет, анткени бардык балдар, майыптыгына карабастан, билим алууга укуктуу. Ал эми билим берүү мекемелери мыйзамга ылайык алар үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Гендердик басмырлоонун кесепеттери кандай?

Кыргызстанда ар бир мыйзам долбоору демилгеленгенге чейин милдеттүү түрдө экспертизанын 5 түрүнөн өтүүгө тийиш. Алардын бири — гендердик экспертиза. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги өлкөнүн бардык мыйзамдарына туруктуу негизде гендердик экспертиза жүргүзөт.

Кыргызстан кезектеги узак мөөнөттүү ***2030-жылга чейинки гендердик теңчиликке жетишүү боюнча КР улуттук стратегиясын*** бекиткен. Ал төмөнкү беш артыкчылыктуу багытты камтыйт:

- аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- маданий саясат жана функционалдык билим берүү;
- гендердик басмырлоодон коргоо жана сот адилеттиги;
- аялдардын саясий катышуусу;
- гендердик теңчиликти камсыз кылуу максатындагы жөнгө салуучу саясат.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүктүрүү стратегиясы гендердик багыттагы максаттарды, милдеттерди жана чараларды камтыйт. Алардын ичинде: энелердин өлүмүнүн көрсөткүчүн 25%га төмөндөтүү; балдардын жана аялдардын кызыкчылыктарын коргоо жана алдыга жылдыруу; мажбурлап никеге тургузуу жана эрте никеге туруу практикаларын токтотуу; үй-бүлөлүк зомбулуктун бардык түрлөрүнө бөгөт коюу; жоопкерчиликтүү ата-энелик принциптерин жайылтуу; энеликти жана аталыкты коргоо; жана башка чаралар.

2012-жылы ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Аялдар иштери жана гендердик өнүгүү боюнча улуттук кеңеш*** түзүлгөн. Бул кеңеш бүгүнкү күнгө чейин ишмердүүлүгүн улантып келет жана анын ыйгарым укуктарынын чөйрөсү кеңейтилген (социалдык коргоо, үй-бүлө жана балдарды коргоо маселелери кошулган). Учурда ал КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы жетектеген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Үй-бүлө, гендердик өнүгүү, социалдык коргоо жана балдардын укуктарын коргоо маселелери боюнча улуттук кеңеш катары иш алып барат.

Кыргызстанда айрым мамлекеттик органдарда аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгүн камсыз кылуу боюнча мыйзам менен белгиленген атайын чаралар (бир жыныстагы адамдардын үлүшү 70% дан ашпоого тийиш)төмөнкү мамлекеттик органдарга карата колдонулат: Жогорку Кеңештин депутаттарынын; шаардык кеңештердин депутаттарынын; айылдык кеңештердин депутаттарынын; Эсептөө палатасынын аудиторлорунун; Жогорку соттун судьяларынын; Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьяларынын; Акыйкатчынын орун басарларынын курамында бир жыныстагы адамдардын үлүшү 70% дан ашпоого тийиш. Бул атайын чаралардын аркасында жогоруда көрсөтүлгөн мамлекеттик органдарда аялдар менен эркектердин зарыл болгон минималдуу өкүлчүлүгү камсыз кылынат.

Кыргызстандын Министрлер Кабинети аялдардын ишкердигин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурат. Мисалы, 2021-жылы аялдардын экономикага жана ишкердик ишмердүүлүккө жигердүү катышуусу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган ***2022–2026-жылдарга аялдардын ишкердигин колдоо жана өнүктүрүү программасы*** бекитилген.

Ошондой эле КР 2025-жылдын 11-январындагы №4 Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын «Ишкерлердин укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамына аялдардын ишкердиги түшүнүгү киргизилген. Ага ылайык: «аялдардын ишкердиги» — бул төмөнкү субъекттер тарабынан жүзөгө ашырылган ишкердик ишмердүүлүк: — жеке ишкер катары ишмердүүлүк жүргүзгөн аял; — Кыргыз Республикасынын аймагында катталган жана коммерциялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган юридикалык жак, анын акцияларынын (катышуу үлүштөрүнүн) кеминде 51 пайызы аялга (аялдарга) таандык болгон жана кызматкерлеринин штаттык санынын кеминде 51 пайызын аялдар түзгөн юридикалык жак».

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердүүлүгү чөйрөсүндө 2021-жылы КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин демилгеси менен

гендердик маселелерди чагылдырууда негизги принциптерди сактоо боюнча ыктыярдуу макулдашуу катары ***Гендердик этикалык кодекс*** демилгеленип, кабыл алынган. Бул макулдашууга Кыргызстандын 18 жалпыга маалымдоо каражаты кошулган.

Мындан тышкары, ***Кыргыз Республикасынын Жалпыга маалымдоо каражаттарынын этикалык кодексинин*** 6-беренесине ылайык, коомдун кызыкчылыктарына, адамдын жана жарандын укуктарына зыян келтирүү менен журналисттик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга, ошондой эле согушту жана зомбулукту, расалык, улуттук, аймактык, диний жана социалдык, ошондой эле жыныстык, гендердик жана сексуалдык сабырсыздыкты үгүттөөгө жол берилбейт.

«Кыргыз Республикасындагы гендердик теңчиликке серep (Өлкөнүн гендердик профили)» документине ылайык, укуктук база укуктардын кеңири кепилдиктерин белгилейт. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт: түздөн-түз жана кыйыр басмырлоодон коргоону камтыган басмырлоого жол бербөө укугу, жумушка орношууга жана менчикке жеткиликтүүлүктү камсыз кылган экономикалык тең укуктар, мамлекеттик башкарууга тең катышууну кепилдеген саясий укуктар, билим алууга жана саламаттык сактоого жеткиликтүүлүктү тең камсыз кылган социалдык укуктар, ошондой эле акыркы мыйзамдык өзгөртүүлөргө карабастан Конституция тарабынан корголушу сакталган репродуктивдик укуктар.

Негизги тармактык мыйзамдар тигил же бул деңгээлде гендердик аспектилерди эске алган жоболорду камтыйт. Эмгек кодексинде кош бойлуу жана баласын эмизген аялдарды коргоо боюнча жоболор каралган, кош бойлуулугуна байланыштуу жумушка кабыл алууда басмырлоого тыюу салынат жана бирдей эмгек үчүн тең эмгек акы төлөө принциптери белгиленген. Ошол эле учурда укук колдонуу механизмдери дагы эле жетишерлик натыйжалуу эмес жана Кодексте жумуш ордундагы сексуалдык ыдык көрсөтүү жөнүндө жоболор жок. Үй-бүлө кодекси гендердик теңчилик принциптерин тааныйт, үй-бүлөлүк мамилелерде басмырлоого тыюу салат, акы төлөнбөгөн үй эмгегин тааныйт жана жубайлардын ортосунда келишимдик мүлктүк мамилелерге жол берет. Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө мыйзам аялдарга энеликке байланыштуу кам көрүү боюнча зарыл болгон акысыз медициналык жана санитардык жардамды алуу укугун берет. Кылмыш-жаза кодексине жана Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине жакында киргизилген өзгөртүүлөр гендердик зомбулуктан коргоону күчөттү: оор кылмыштар жасалган учурларда тараптардын элдешүүсүнө байланыштуу ишти токтотуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды, сексуалдык зомбулук боюнча кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөттөрүн алып салды.

Бирок 2024-жылы «Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө» Мыйзам күчүн жоготкондугуна байланыштуу олуттуу мыйзамдык бошток пайда болгон. Натыйжада сексуалдык жана репродуктивдик саламаттык чөйрөсүндө комплекстүү кызматтарды көрсөтүүнүн так кепилдиктери жоюлган. Ошол эле учурда колдонуудагы Конституциянын жоболору өлкөнүн бардык ички мыйзамдарынан жогору юридикалык күчкө ээ. Мындан тышкары, КР «Эркектер менен аялдардын тең укуктарынын жана тең мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик

кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы жашоонун бардык чөйрөлөрүндө гендердик теңчиликти камсыз кылуу жаатындагы алкактык мыйзам катары кызмат кылат. Ошого карабастан, экономикалык мыйзамдардын олуттуу бөлүгү, анын ичинде Жарандык кодекс, Жер кодекси, Суу кодекси жана Токой кодекси, теңчиликти камсыз кылууга багытталган активдүү чараларкөрүлбөстөн, гендердик жактан нейтралдуу бойдон калууда.

Бул укуктарды коргоо жоопкерчиликке тартуунун көптөгөн жолдору аркылуу камсыз кылынат. Алар төмөнкүлөрдү камтыйт: Конституциялык жоопкерчилик — Конституцияда басмырлоого түздөн-түз тыюу салуунун негизинде; жарандык-укуктук коргоо каражаттары — укуктарды сот тартибинде коргоону жана мыйзамдарды колдонууга мүмкүндүк берет; административдик жоопкерчилик — мамлекеттик органдар үчүн милдеттерди белгилейт; кылмыш-жаза укуктук коргоо — басмырлоого негизделген кылмыштар жана гендердик зомбулук үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин белгилейт; парламенттик көзөмөл механизмдери аркылуу мыйзам чыгаруу көзөмөлү.

Бул маселе ар тараптуу камтылганына карабастан, ыкчам көңүл бурууну талап кылган олуттуу бошуктар сакталууда. Тике жана кыйыр басмырлоонун колдонуудагы аныктамаларын эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү талап кылынат. Ошол эле учурда «Мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө» Мыйзамда айыл жерлеринде кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, жерге болгон укуктарды ишке ашыруу, бирдей эмгек үчүн тең эмгек акы төлөөнү камсыз кылуу жана үй-бүлөлүк зомбулуктан комплекстүү коргоо боюнча конкреттүү ишке ашыруу механизмдери жок. Негизги экономикалык мыйзамдардын гендердик жактан нейтралдуу редакциясы гендердик түзүмдүк тоскоолдуктарды чече албайт, ошол эле учурда жол-жоболук татаалдыктардан жана финансылык тоскоолдуктардан улам басмырлоонун көптөгөн курмандыктары үчүн укуктук коргоо каражаттары жеткиликсиз бойдон калууда.

Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет (АБЖК) реалдуу теңчиликке жетишүүнү тездетүү максатында улуттук мыйзамдарга убактылуу атайын чараларды киргизүүнү сунуштаган. Укуктук базаны артыкчылыктуу тартипте чыңдоо төмөнкүлөрдү талап кылат: басмырлоонун аныктамаларын эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү; мыйзамдарды колдонуу механизмдерин чыңдоо; теңчилик маселелери боюнча адистештирилген трибуналдарды түзүү; юридикалык жардамга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу; гендердик жактан нейтралдуу экономикалык мыйзамдарды реформалоо; репродуктивдик укуктар жөнүндө комплекстүү мыйзамдарды кайра калыбына келтирүү. Бул реформалар мыйзамдык кепилдиктерди кадыресе декларацияланган милдеттенмелерден аткарылышы камсыз кылынуучу укуктарга айландыруу үчүн зарыл.

Эл аралык милдеттенмелер

Кыргыз Республикасы 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин укуктук мамлекетти куруу жолуна түшүп, Конституциясында адам укуктары менен эркиндиктерин эң жогорку баалуулуктар катары аныктаган. Кыргыз Республикасы адам укуктарын камсыз кылууга багытталган бир катар эл аралык келишимдерге кошулуу менен бул эл аралык стандарттарды өзүнүн улуттук мыйзамдарына имплементациялоо боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган. Кыргызстан Борбор Азия чөлкөмүндөгү алгачкы мамлекеттердин бири болуп, 1994-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун ***Адам укуктарынын жалпы декларациясына*** кошулган. Бүгүнкү күндө республика адам укуктары боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун сегиз универсалдуу эл аралык келишиминин катышуучусу болуп саналат.

- 1966-жылдагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- 1966-жылдагы Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
- 1965-жылдагы Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция;
- 1979-жылдагы Бириккен Улуттар Уюмунун Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциясы;
- 1984-жылдагы Кыйноолорго жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын бардык түрлөрүнө каршы конвенция;
- 1990-жылдагы Бардык эмгекчи-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция;
- 2006-жылдагы Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция;
- 1989-жылдагы Баланын укуктары жөнүндө конвенция.

Кыргызстандын адам укуктары боюнча 30дан ашык эл аралык конвенцияларды жана протоколдорду ырааттуу түрдө андан ары ратификациялоосу мамлекет менен жарандык коомдун адам укуктары түшүнүгүн олуттуу кеңейтүүгө өбөлгө түздү. Натыйжада адам укуктары жашоонун бардык чөйрөлөрүн камтыган укуктар катары түшүнүү баштады жана бул укуктар демократия жана укуктук тартип менен ажырагыс байланышта экени таанылды.

Ошондой эле Кыргыз Республикасы аялдардын укуктарына байланыштуу негизги эл аралык конвенцияларды жана саясий документтерди ратификациялоо менен гендердик теңчиликке жетишүү боюнча бир катар милдеттенмелерди өзүнө алган. Бүгүнкү күндө Кыргызстан аялдардын укуктарына түздөн-түз тиешелүү Бириккен Улуттар Уюмунун беш конвенциясын ратификациялаган:

- 1979-жылдагы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө;
- 1952-жылдагы Аялдардын саясий укуктары жөнүндө;
- 1962-жылдагы Никеге турууга макулдук берүү, ника курагы жана никени каттоо жөнүндө;
- 1957-жылдагы Турмушка чыккан аялдын жарандыгы жөнүндө;
- 1957-жылдагы Энеликти коргоо жөнүндө.
- Мындан тышкары, Кыргызстандын гендердик саясаты төмөнкү документтерде белгиленген эл аралык критерийлерге жана ченемдерге негизделет:
- 1995-жылдагы Пекин декларациясы жана Иш-аракеттер платформасы;
- 1993-жылдагы Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация;
- Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын «2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби» резолюциясы.

Кыргыз Республикасы Пекин иш-аракеттер платформасы боюнча өзүнүн милдеттенмелерин ийгиликтүү аткарып жаткан он өлкөнүн ичиндеги алгачкы мамлекеттердин бири болуп саналат.

Мамлекеттерге реалдуу гендердик теңчиликке жетишүү боюнча милдеттенмелерди аткарууну жүктөгөн негизги документ болуп ***Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция (АБЖК)*** эсептелет.

Конвенцияның негизги талаптары:

- эгерде буга чейин киргизиле элек болсо, эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу принцибин өздөрүнүн улуттук конституцияларына же башка тиешелүү мыйзамдарына киргизүү жана мыйзамдын, ошондой эле башка тиешелүү каражаттардын жардамы менен бул принциптин иш жүзүндө ишке ашырылышын камсыз кылуу;
- зарыл болгон учурларда аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүнө тыюу салган тиешелүү чараларды, анын ичинде санкцияларды кабыл алуу;
- эркектер менен тең негизде аялдардын укуктарын укуктук жактан коргоону белгилөө жана компетенттүү улуттук соттордун жана башка мамлекеттик органдардын жардамы менен аялдарды басмырлоонун ар кандай көрүнүштөрүнөн натыйжалуу коргоону камсыз кылуу;
- аялдарга карата басмырлоочу кандай гана болбосун аракеттерди же иш-аракеттерди жасоодон карманууну жана мамлекеттик органдар менен мекемелердин ушул милдеттенмеге ылайык иш алып барышын кепилдөө;
- аялдарга карата басмырлоону жоюу үчүн кайсы гана жеке адам, уюм же ишкана тарабынан болбосун бардык тиешелүү чараларды көрүү, ошондой эле аялдарга карата басмырлоону камтыган колдонуудагы мыйзамдарды, токтомдорду, каада-салттарды жана практикаларды өзгөртүү же жокко чыгаруу.
- аялдарга карата басмырлоону камтыган өзүнүн кылмыш-жаза мыйзамдарынын бардык жоболорун жокко чыгаруу;
- эркектер менен аялдардын жүрүм-турумунун социалдык жана маданий моделдерин өзгөртүү, бир жыныстын кемдиги же артыкчылыгы жөнүндө түшүнүккө же эркектер менен аялдардын ролдору тууралуу стереотиптик көз караштарга негизделген жаңылыш түшүнүктөрдү жоюу, каада-салттарды жана башка бардык практикаларды жоюу максатында тиешелүү чараларды көрүү;
- үй-бүлөлүк тарбия энеликти коомдук функция катары туура түшүнүүнү жана бардык учурларда балдардын кызыкчылыктары артыкчылыктуу экендигинин шартында балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн эркектер менен аялдардын жалпы жоопкерчилигин таануу камтышын камсыз кылуу;

- аялдарды сатуунун бардык түрлөрүнө жана аялдардын сойкулукта эксплуатацияланышына бөгөт коюу үчүн бардык тиешелүү чараларды, анын ичинде мыйзамдык чараларды кабыл алуу.

АБЖК өзгөчө көңүлдү айыл жергесиндеги аялдардын абалына бурат. Бул Кыргызстан үчүн өтө маанилүү, анткени өлкөнүн туруктуу калкынын үчтөн эки бөлүгүн айыл тургундары түзөт.

Ошону менен бирге, айыл жерлеринде аялдардын үлүшү 49,3%, ал эми шаарларда — 52,4% түзөт. Кыргызстандагы бардык аялдардын 64,6%ы айылдык аялдардын үлүшүнө туура келет.

1953-жылдагы Аялдардын саясий укуктары жөнүндө конвенция аялдардын өз өлкөсүн башкарууга катышуу укуктарын камсыз кылууга багытталган эл аралык акт болуп саналат. Бул укуктарга төмөнкүлөр кирет:

- жалпы элдик шайлоону талап кылган бардык органдарга шайлоо жана шайлануу укугу;
- өз өлкөсүндө мамлекеттик жана коомдук кызматтарды ээлөө укугу.

Никеге турууга макулдук берүү, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө конвенция жубайды эркин тандоо укугун камсыз кылуу, балдардын никеге турушун жана кыздарга жыныстык жетилүү курагына жеткенге чейин сөйкө салуу салтын жоюу максатында кабыл алынган.

Конвенция төмөнкүлөрдү карайт:

- эки тараптын тең толук жана эркин макулдугусуз нике түзүүгө тыюу салуу, мында бул макулдук алардын өзү тарабынан жеке билдирилиши керек;
- никеге туруунун минималдуу курагын белгилөө;
- никени ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан милдеттүү түрдө каттоо.

Турмушка чыккан аялдын жарандыгы жөнүндө конвенцияда төмөнкүлөр каралган:

- мамлекеттин жараны менен чет өлкөлүк жарандын ортосундагы никеге туруу да, никени бузуу да, ошондой эле никеде турган мезгилде күйөөсүнүн жарандыгынын өзгөрүшү да аялдын жарандыгына автоматтык түрдө таасир этпөөгө тийиш.
- мамлекеттин жарандарынын кимдир бирөөсү башка мамлекеттин жарандыгын өз ыктыяры менен алгандыгы же өз жарандыгынан баш тарткандыгы ошол жарандын аялынын өз жарандыгын сактап калышына тоскоолдук кылбоого тийиш.

Энеликти коргоо жөнүндө конвенция өнөр жай, айыл чарба, коммуналдык кызмат көрсөтүү, билим берүү, маданият, саламаттык сактоо тармактарында иштеген аялдардын, ошондой эле үйдөн жалданып иштеген аялдардын укуктарын жөнгө салат.

Конвенцияда төмөнкүлөр каралган:

- кош бойлуу жана баласын эмизген аялдардын ден соолугун коргоо боюнча чаралар;
- кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүнүн минималдуу мөөнөттөрү, ооруп калган же төрөттөн кийинки татаалдашуулар болгон учурда берилүүчү өргүү, ошондой эле жөлөкпулдарды төлөө.
- кош бойлуулук мезгилинде жана кош бойлуулук менен төрөт боюнча өргүүдө жүргөн учурда жумуш ордун сактоо жана басмырлоого жол бербөө зарылдыгы;
- баласын эмизген энелерге баланы эмизүү үчүн тыныгууларды берүү аркылуу колдоо көрсөтүү боюнча чаралар.

1993-жылдагы Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация аялдарды зомбулуктан коргоо боюнча эл аралык ченемдердин биринчи расмий жыйындысы болуп калды. Бул документ мамлекеттерди бул зыяндуу көрүнүштү айыптоого жана аны жоюу боюнча өз милдеттенмелерин аткаруудан баш тартуу үчүн эч кандай каада-салттарга, үрп-адаттарга же диний жүйөлөргө шилтеме кылбоого чакырат. Декларация зомбулукка аныктама берет жана анын деңгээлдерин аныктайт:

Аялдарга карата зомбулук — бул жыныстык белгиси боюнча жасалган, аялдын дене саламаттыгына, сексуалдык же психологиялык саламаттыгына зыян келтирген же зыян келтириши мүмкүн болгон ар кандай зомбулук актысы, ошондой эле мындай аракеттерди жасайм деп коркутуу, мажбурлоо же коомдук же жеке турмушта өзүм билемдик менен эркиндигинен ажыратуу.

Аялдарга карата зомбулук төмөнкү учурларды камтыйт, бирок алар менен гана чектелбейт:

а) үй-бүлөдө орун алган денелик, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, анын ичинде: сабоо; үй-бүлөдөгү кыздарды сексуалдык мажбурлоо; калыңга байланыштуу зомбулук; күйөөсүнүн аялын зордуктоосу; аялдардын жыныс органдарына залал келтирүү; аялдарга зыян келтирген салттуу практиканын башка түрлөрү; никеден тышкаркы зомбулук жана эксплуатацияга байланыштуу зомбулук.

b) жалпысынан коомдо орун алган денелик, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, анын ичинде: зордуктоо; сексуалдык мажбурлоо; жумуш орундарында, билим берүү мекемелеринде жана башка жайларда сексуалдык ыдык көрсөтүү жана коркутуп-үркүтүү; аялдарды сатуу; сойкулукка мажбурлоо.

c) кайсы жерде болбосун мамлекет тарабынан жасалган же мамлекеттин жол берүүсү менен орун алган денелик, сексуалдык жана психологиялык зомбулук.

Ошентип, Декларация зомбулуктун үч деңгээлин бөлүп көрсөтөт (үй-бүлөдө, коомдо жана мамлекет тарабынан же анын жол берүүсү менен орун алган зомбулук), мында ал ар кандай формаларда көрүнүшү мүмкүн.

Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча Пекин иш-аракеттер платформасы (ПИАП) мамлекеттер, өкмөттүк эмес уюмдар жана эл аралык институттар тарабынан чаралар көрүлүүгө тийиш болгон 12 негизги багытты аныктайт:

1. Аялдар жана жакырчылык
2. Билим берүү жана кесиптик даярдоо
3. Аялдар жана саламаттык сактоо
4. Аялдарга карата зомбулук
5. Аялдар жана куралдуу кагылышуулар
6. Аялдар жана экономика
7. Аялдардын жетекчилик органдардын ишине жана чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусу
8. Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча институционалдык механизмдер
9. Аялдардын адам укуктары
10. Аялдар жана жалпыга маалымдоо каражаттары
11. Аялдар жана айлана-чөйрө
12. Кыздар

Кыргызстан 2024-жылдын февраль айында ***Эл аралык эмгек уюмунун (ЭЭУ) №190 «Эмгек чөйрөсүндөгү зомбулукту жана ыдык көрсөтүүнү жоюу жөнүндө» конвенциясын*** ратификациялап, бул эл аралык стандартты кабыл алган КМШдагы биринчи жана дүйнөдөгү 45-мамлекет болду.

№190 Конвенция төмөнкүлөрдү карайт:

- Ыдык көрсөтүүдөн коргоо: ар бир адамдын зомбулуктан, психологиялык басымдан жана ыдык көрсөтүүдөн эркин болгон эмгек чөйрөсүнө болгон укугун тааныйт.
- Кеңири камтуу: штаттык кызматкерлерди гана эмес, ошондой эле стажёрлорду, жумуш издөөчүлөрдү, ыктыярчыларды жана кесиптик даярдыктан өтүп жаткан адамдарды да коргойт.
- Офистен тышкаркы эмгек мейкиндиги: кызматтык иш сапарларда, жумушка барып-келүүдө, аралыктан иштөөдө, ошондой эле кызматтык санариптик байланыш каражаттары аркылуу болгон зомбулук учурларына да колдонулат.

6-тапшырма: Кыргыз Республикасындагы гендердик теңчилик боюнча SWOT-анализ

Максаты: Гендердик теңчилик жаатында талдоо жүргүзүү боюнча потенциалды өнүктүрүү.

Керектүү материалдар: *флипчарттар, маркерлер*. Убактысы: 40–50 мүнөт.

Тапшырманын сүрөттөлүшү: Катышуучулар 4 топко (аралаш курам: эркектер жана аялдар) бөлүнөт. Ар бир топко өлкөдөгү гендердик теңчилик жаатын төмөнкү аспектилер боюнча талдоо тапшырылат:

1. Күчтүү жактары
2. Алсыз жактары
3. Көйгөйлөрү
4. Келечектеги мүмкүнчүлүктөрү / сунуштар

Ар бир топ белгиленген компоненттерди талдап, өз ойлорун флипчарттарга жазып чыгат. «Галерея боюнча саякат» ыкмасын колдонуу менен: толтурулган баракчалар дубалга илинет, андан кийин топтор бир баракчадан экинчисине өтүшөт (1-топ — 2-топко, 2-топ — 3-топко, 3-топ — 4-топко, 4-топ — 1-топко). Ар бир топ өзүнүн баштапкы барагына кайтып келгенге чейин айланып чыгып, мурунку топтордун ойлорун толуктайт. Андан кийин жыйынтыктар адегенде топ ичинде, андан соң жалпы топто талкууланат.

Ой жүгүртүү жана жыйынтыктар:

- Күчтүү жактарына атайын мыйзамдардын кабыл алынышы, гендердик статистиканын жүргүзүлүшү, аялдардын ишкердигинин өнүгүшү жана башка факторлор кирет.
- Алсыз жактары институционалдык механизмдердин натыйжалуулугунун төмөндүгү, ресурстардын жетишсиздиги, жергиликтүү түзүмдөрдүн жоктугу жана башка себептер менен байланыштуу.
- Көйгөйлөргө миграция, стереотиптер жана башка маселелер кирет.

- Мүмкүнчүлүктөргө колдонуудагы программалар, өкмөттүк эмес уюмдардын жигердүү ишмердүүлүгү жана башка мүмкүнчүлүктөр кирет.

Гендердик теңчилик жаатындагы күчтүү жана алсыз жактарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана көйгөйлөрдү талдоо жаштар тарабынан жергиликтүү деңгээлде бул багыт боюнча ишке ашырылышы мүмкүн болгон сунуштарды аныктоого мүмкүндүк берет.

2-бөлүк: Аялдардын чечим кабыл алуу процессине катышуусун кеңейтүүгө багытталган чаралар жана демилгелер

Демократиялык системаны чыңдоо жана өнүктүрүү менен катар, көбүрөөк аялдардын саясий чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусу коом үчүн оң натыйжаларды алып келет жана аялдар менен эркектердин жашоо деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Мындай катышуунун артыкчылыктарына төмөнкүлөр кирет: адилеттүү коомду куруу; инклюзивдүү башкарууну өнүктүрүү; жашоо деңгээлинин жогорулашы; билим берүүдө, саламаттык сактоодо жана инфраструктурада оң өзгөрүүлөрдүн болушу; саясий коррупциянын азайышы.

Башкаруу инклюзивдүү болуп, гендердик аспектилерди эске алышы үчүн төмөнкү максаттарды эске алуу зарыл:

- Башкаруу институттарын, процесстерин жана саясатын калыптандырууга аялдар менен эркектерди жигердүү тартуу.
- Өзүнүн саясаты менен чечимдеринде гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу, ошондой эле эркектер менен аялдардын укуктарынын ишке ашырылышын жана гендердик теңчиликке жетишүүнү камсыз кылуу.
- Гендердик теңчиликти жана социалдык адилеттүүлүктү сактоо — аялдар менен эркектердин ар түрдүү муктаждыктарын таануу, тең укуктуу институттардын, процесстердин жана мамилелердин негизинде коомдогу/жамааттагы гендердик теңсиздик көйгөйлөрүн жигердүү чечүү.
- Максаттарды жана принциптерди гендердик көз караштан изилдөө, практикага жана анын таасирине гендердик талдоо жүргүзүү, көйгөйлөрдү аныктоо жана андан кийин тиешелүү чечимдерди кабыл алуу.
- Жумушка орноштуруунун жана кызмат боюнча көтөрүлүүнүн бардык баскычтарында басмырлоого жол бербеген ыкмаларды камсыз кылуу (маалыматтык жол-жоболор, кадрларды тандоо (тестирлөө/маектешүү/иргөө)).
- Сексизмди жана ыдык көрсөтүүнү болтурбаган, басмырлоого жол бербеген саясатты жана практиканы камсыз кылуу.
- Мекемелерде коопсуз чөйрөнү түзүү.
- Үй-бүлө маселелери жана эмгек укуктары боюнча консультация берүүнү камсыз кылууга багытталган саясатты жана чараларды ишке ашыруу.

Бул максаттарга жетишүү үчүн негизги көңүл төмөнкүлөргө бурулушу керек:

- Далилдерге негизделген саясат—өнүгүү процессинин катышуучуларына теңсиздикти жоюуга, тең мүмкүнчүлүктөргө жетүүнү камсыз кылууга жана өлкөнүн өнүгүшү үчүн болгон потенциалды пайдаланууга мүмкүндүк берген фактылык жана жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтарга негизделген саясат.

- Институционалдык отчеттуулукка: адамдардын муктаждыктарына жооп берген жана калктын ар түрдүүлүгүн чагылдырган отчеттуу мекемелерди чыңдоого көмөктөшүү.

- Институционалдык реформаларга: мамлекеттик кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан кызматтарды көрсөтүүдө адам укуктарына негизделген мамилени камтыган, саясатты иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү боюнча далилдерге негизделген, туруктуу жана ачык-айкын милдеттүү эрежелер системасын түзүү.

- Жамааттарды мобилизациялоого жана укук ээлеринин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө: аялуу топтор, азчылыктар жана обочолонгон топтор туш болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн алардын өз укуктарын коргоосуна жана келтирилген зыяндын ордун толтурууга жетишүүсүнө көмөктөшкөн коргоо системаларын жана чараларын киргизүү.

- Социалдык ченемдерге: коомдогу сабырсыздыкты жана стереотиптерге, салттарга, ошондой эле өлкөдө мурда өкүм сүргөн тоталитардык режимдин мурасына негизделген басмырлоочу мамилелерди жана практикаларды колдогон үстөмдүк кылуучу социалдык ченемдерди өзгөртүү; аялуу топтордун, азчылыктардын жана обочолонгон топтордун экономикалык өсүшкө жана коомдун бакубаттуулугуна кошо ала турган салымы жөнүндө маалымдуулуктун жетишсиздигин жоюу; окуу программаларындагы кемчиликтерди четтетүү.

- Инновацияларга жана алдыңкы тажрыйбага: инновациялык ыкмаларды, алдыңкы тажрыйбаларды жана ийгиликтүү моделдерди жайылтуу, ошондой эле кызматташтыкты жана өнөктөштүктү кеңейтүү, өнүгүү процессине кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүн, анын ичинде аялуу топторду, азчылыктарды, обочолонгон топторду, ЖКУларды жана өнүгүү боюнча эл аралык өнөктөштөрдү тартуу үчүн диалогду колдоо.

КР «Эркектер менен аялдардын тең укуктарынын жана тең мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө гендердик теңчиликтин кепилдиктерин бекемдейт (9-, 10-, 11-беренелер):

- Мамлекет укуктук, уюштуруучулук жана башка механизмдер аркылуу мамлекеттик бийликтин бардык бутактарында гендердик өкүлчүлүктү камсыз кылуу жолу менен ар башка жыныстагы адамдардын мамлекеттик башкарууга катышуусу үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү кепилдейт жана түзөт.
- Ар башка жыныстагы адамдар мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө, кызмат боюнча жогорулоодо жана бул органдарда андан ары ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууда тең укуктарга жана тең мүмкүнчүлүктөргө ээ.
- Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери ар башка жыныстагы адамдардын жөндөмүнө жана кесиптик даярдыгына ылайык мамлекеттик жана муниципалдык кызматка тең жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.
- Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин курамында бир жыныстагы кызматкерлер басымдуулук кылбоого тийиш. Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында квоталоо системасы (кадрдык курамдын, анын ичинде чечим кабыл алуу деңгээлиндеги курамдын жетимиш пайызынан ашпаган өлчөмдө) Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.
- 3 жылдын ичинде кызмат боюнча жогорулатылбаган жана квалификациясын андан ары жогорулатуу максатында окууга жиберилбеген ар башка жыныстагы адамдар мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинен мындай аракеттердин себептери боюнча жазуу жүзүндөгү негиздемени, ошондой эле алар талапкер болгон кызматка дайындалган (кабыл алынган, кызмат боюнча жогорулатылган) же окууга жиберилген адамдын иш тажрыйбасы жана квалификациясы жөнүндө маалыматты талап кылууга жана алууга укуктуу.
- Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы бош кызмат орундарын ээлөө конкурстарды өткөрүү аркылуу камсыз кылынат, ага ар башка жыныстагы адамдар тең укуктуу жана бирдей шарттарда катышат.
- Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери кызматкерлердин кызматтык өсүү саясатын гендердик саясатты эске алуу менен иштеп чыгууга тийиш.
- Конкурстарды бир гана жыныстагы адамдар үчүн жарыялоого жол берилбейт.
- Ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу бош кызмат орундарын ээлөө боюнча мыйзамсыз чечимдерди же конкурстун жыйынтыктарын жокко чыгарууга алып келет.
- Эгерде мамлекеттик же муниципалдык кызматтагы бош кызмат орду боюнча өткөрүлгөн конкурста ар башка жыныстагы эки талапкер өткөн болсо, анда бирдей

шарттарда ошол мамлекеттик органда азыраак өкүлчүлүккө ээ болгон жыныстагы талапкер кабыл алынууга тийиш.
- Эркектер менен аялдар мамлекет башчысын, жогорку мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоого катышууда тең укуктарга ээ.
- Шайлоолорду өткөрүүдө аялдарга эркектер менен бирдей негизде мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жана шайлануу укугун ишке ашыруу үчүн адилеттүү жана реалдуу мүмкүнчүлүктөр камсыз кылынат.
- Паритеттүү демократияга жетишүү максатында мамлекет жетишсиз өкүлчүлүккө ээ болгон жыныстагы талапкерлерди колдоого багытталган атайын чараларды белгилөөгө укуктуу.
- Саясий партиялардын шайлоого катышуусу талапкерлердин тизмелеринде эки жыныстын өкүлдөрүнүн паритеттүү өкүлчүлүгүн кепилдөөнү талап кылат.

Жаш аялдарды тартуу: саясий турмушка тартылган жаш аялдардын саны төмөн бойдон кала берсе, аялдар шайлануучу кызматтарда жетишсиз өкүлчүлүккө ээ бойдон кала беришет. Насаатчылык, окуу курстары, коомдук өнөктүктөр жана кесиптик тармактардагы кызматташтык аялдарды шайлоого катышууга шыктандырууда жана аларды саясий карьерага даярдоодо маанилүү роль ойной алат.

7-тапшырма: Сиз колуңуздан келерин билесиз!

Максаты: Кыргызстандагы аялдардын ийгилик окуяларын талдоо.

Керектүү материалдар: *видео көрсөтүүчү жабдуу, флипчарт баракчалары, маркерлер.*
Убактысы: 30 мүнөт.

Тапшырманын сүрөттөлүшү: Катышуучулар Кыргызстандагы аялдардын ийгилик окуялары менен таанышып, «Аялдардын 100 окуясы» аттуу YouTube видеосун көрүшөт жана материалды талдашат. Бул окуялар Кыргызстандагы аялдар кыймылынын 100 жылдыгына арналган «Доорду өзгөрткөн аялдардын лидерлигинин 100 жылы» аттуу медиа-кампаниянын алкагында топтолгон.

Суроолор:

Бул окуяларды ийгилик окуялары деп эсептөөгө болобу?

Лидерликти мүнөздөгөн кандай сапаттарды аныктай аласыз? Аялдарды жетекчи катары мүнөздөгөн кандай өзгөчөлүктөр бар?

«СЕН КОЛУҢДАН КЕЛЕРИН БИЛЕСИҢ!» деген сөз айкашын кандай түшүнөбүз?

Ой жүгүртүү жана жыйынтыктар:

«СЕН КОЛУҢДАН КЕЛЕРИН БИЛЕСИҢ!» деген чакырык башка аялдарды саясий жана коомдук турмушка активдүү катышууга шыктандырышы мүмкүн.
Дагы кайсы аял лидерлерди билесиз? Алар эмне үчүн лидер деп ойлойсуз?



III-бөлүм.

Гендердик теңчилик маселелерин жергиликтүү стратегияларга киргизүү процесси

«Адамзат туш болуп жаткан көйгөйлөр глобалдык мүнөзгө ээ, бирок аларды жергиликтүү деңгээлде чечүү зарыл. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн аялдардын жергиликтүү башкарууга катышуусу өзгөчө маанилүү».

Гендердик аспектилерди эске алуунун жарандар үчүн кошумча баалуулугу:

- райондук жана облустук мамлекеттик органдардын мамлекеттик кызматкерлеринин арасында гендердик аспектилерди эске алуу концепциясын жайылтуу, ошондой эле коомчулук арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин кеңейтүү;
- жергиликтүү бийлик органдарын бардык чечимдердин долбоорлоруна жана резолюцияларга гендердик талдоо жүргүзүүгө чакыруу; бул талдоо кийинки пландаштырылган иш-чаралар үчүн негиз болуп кызмат кылат;
- бийлик органдары тарабынан көрүлүп жаткан иш-чараларды жергиликтүү аялдардын өзгөчө муктаждыктарын жана керектөөлөрүн эске алуу үчүн кылдат (кайрадан) пландаштырууну караштыруу;
- мамлекеттик саясатты, анын ичинде жергиликтүү саясатты, ишке ашыруу программаларын, коомдук долбоорлорду жана башкаларды эң башынан тартып гендердик стереотиптерге жана жаңылыш түшүнүктөргө негизделген мамилеге жол бербөө максатында кайра карап чыгууну камсыз кылуу (жаңыча түшүнүү);
- аялдарга жана эркектерге тең салмактуу мамиле кылууга көмөктөшүү, ошону менен административдик чечимдердин жана токтомдордун натыйжасында эч бир топ артыкчылыктуу же жагымсыз абалда калбашын камсыз кылуу;
- жетекчилик кызматтардагы аялдардын санын көбөйтүүгө көмөктөшүү, чечим кабыл алуу деңгээлинде аялдардын жетиштүү өкүлчүлүгүн калыптандыруу аркылуу жамааттагы аялдарга тиешелүү маселелерди жергиликтүү бийлик органдарынын күн тартибине киргизүүнү камсыз кылуу.

Жаштардын/аялдардын жамааттарынын ишмердүүлүгүндө гендердик аспектилердин эске алынышын талдоо үчүн негизги суроолор:

- Муктаждыктар, гендердик артыкчылыктар.
- Катышуу: кыздар менен балдардын иш-чараларга/чечим кабыл алуу процессине катышуу деңгээли.
- Ресурстар: кыздар менен балдардын ресурстарга (убакыт, акча, маалымат, технологиялар, кызмат көрсөтүүлөр ж.б.) тең жеткиликтүүлүгү.
- Ченемдер, баалуулуктар, жүрүм-турум моделдери: коомдук демилгелерди же долбоорлорду ишке ашырууда гендердик стереотиптер менен социалдык-маданий ченемдер кыздарга жана балдарга кандай таасир этет? Анын кесепеттери кандай?
- Укуктар: укуктарды ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөр барбы? Анын кесепеттери кандай?
- Жергиликтүү аялдарга жана эркектерге коомдук иштерге катышуу боюнча ишмердүүлүккө түздөн-түз катышуусу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

1-бөлүк: Гендердик теңчиликти камсыз кылуунун инструменттери жана технологиялары

Гендердик аспектилерди эске алуу проблематикасы гендердик теңчиликке жетишүүнүн стратегиясы катары эл аралык деңгээлде кабыл алынган. Бул аялдар менен эркектердин ортосундагы теңчиликти илгерилетүү жана басмырлоого каршы күрөшүү максатында саясатты, ченемдик чараларды жана бюджеттик каражаттарды пайдалануу программаларын даярдоодо, иштеп чыгууда, ишке ашырууда, мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо гендердик аспектилерди эске алууну билдирет.

Маалымат төмөнкү шилтеме аркылуу жеткиликтүү:

Гендердик проблематиканы эске алуу саясатты иштеп чыгуунун жана мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатат жана алардын коом үчүн актуалдуулугун күчөтөт, анткени бул саясаттын бардык жарандардын — аялдардын жана эркектердин, кыздардын жана балдардын — муктаждыктарына бир топнатыйжалуу жооп беришине мүмкүндүк берет. Гендердик проблематиканы эске алуу мамлекеттик иш-чараларды натыйжалуу кылат жана теңсиздиктин сакталып калышына жол берилбешин кепилдейт.

Гендердик проблематиканы эске алуу аялдар үчүн да, эркектер үчүн да терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон теңсиздиктин пайда болушуна же күчөшүнө жол бербөөгө гана багытталган эмес. Ал ошондой эле учурдагы кырдаалды талдоону, теңсиздикти аныктоону жана бул теңсиздикти жоюуга, ошондой эле аны пайда кылган механизмдерди четтетүүгө багытталган саясатты иштеп чыгууну да камтыйт.

Гендердик теңчиликти камсыз кылууга болгон саясий берилгендик жана ага шайкеш келген укуктук база гендердик аспектилерди эске алуу боюнча ийгиликтүү стратегияны иштеп чыгуунун негизги шарттары болуп саналат. Конкреттүү максаттардан жана милдеттерден тышкары, гендердик проблематиканы эске алуу стратегиясы так иш-аракеттер планын талап кылат. Мындай план контекстти эске алууга, зарыл шарттарды камсыз кылууга, бардык тиешелүү аспектилерди камтууга, конкреттүү методдорду жана инструменттерди колдонууну караштырууга, милдеттерди аныктоого жана күтүлгөн натыйжаларга белгиленген мөөнөттө жетишүү үчүн зарыл болгон компетенциялардын болушун камсыз кылууга тийиш.

Гендердик проблематиканы эске алуунун аспектилери

Гендердик проблематиканы эске алуу гендердик проблематиканы ар кандай стратегиялардын мазмунуна киргизүүнү да, ошондой эле саясаттын ушул тармагында аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгү маселесин чечүүнү да талап кылат. Эки аспект тең — гендердик өкүлчүлүк жана гендердик аспектилерди эске алган мазмун — саясатты иштеп чыгуу процессинин бардык этаптарында эске алынууга тийиш.

Гендердик перспективаны саясатка интеграциялоо аялдар менен эркектердин ортосундагы теңчилик негиз салуучу принцип катары саясатты иштеп чыгуу процессинин ар бир этабындагы бардык чечимдерде бардык кызыкдар тараптар тарабынан эске алынышы керектигин билдирет.

Гендердик проблематиканы эске алуу

Саясатты иштеп чыгуу процесси аныктоону, пландаштырууну, ишке ашырууну жана текшерүүнү (мониторинг жүргүзүүнү жана баалоону) камтыган көп баскычтуу цикл катары түшүнүлөт. Көпчүлүк учурларда бул этаптар циклге айланат жана өзгөрүүлөр пайда болгон сайын ар бир баскыч кайра кайталанат. Мисалы, саясатты баалоонун жүрүшүндө кайра программалоо үчүн чечилиши керек болгон жаңы көйгөйлөр аныкталышы мүмкүн.

Бул жерде берилген гендердик проблематиканы эске алуу цикли мамлекеттик саясаттын ар кандай процесстерин эске алуу менен ылайыкташтырылышы мүмкүн. Төмөнкү таблицада циклдин конкреттүү этаптары жана ар бир этапта көңүл бурулушу керек болгон зарыл элементтер көрсөтүлгөн. Ошондой эле циклдин ар бир этабында колдонулууга тийиш болгон гендердик проблематиканы эске алуу куралдарыжана ыкмалары камтылган. Кызыкдар тараптар менен консультацияларды өткөрүү же кызыкдар тараптар үчүн гендердик теңчилик маселелери боюнча окутууларды уюштуруу сыяктуу айрым ыкмалар жана куралдар циклдин бир нече этабында пайдалуу болушу мүмкүн. Мындан тышкары, маалыматтар менен иштөөдө алар жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн болушу керек экендигин эстен чыгарбоо маанилүү.

Гендердик проблематиканы эске алуу инструменттери:

Пландоо инструменти	*Аныктоо инструменти*	*Текшерүү инструменти*
Гендердик бюджеттөө	Гендердик статистика	Гендердик мониторинг
Гендердик сатып алуулар	Гендердик талдоо	Гендердик баалоо
Гендердик көрсөткүчтөр	Гендердик таасирди баалоо	
	Гендердик маселелер боюнча кызыкдар тараптар менен консультациялар	

Гендердик теңчилик маселелери боюнча Европа институтунун (EIGE) алдыңкы тажрыйбалар жыйнагы менен таанышуу зарыл, анткени бул жыйнакта Европа Биримдигине мүчө мамлекеттерде гендердик проблематиканы эске алуу стратегияларын ишке ашырууда натыйжалуу болгон текшерилген ыкмалардын, саясаттардын жана практикалардын мисалдары камтылган.

Эске салуу зарыл, гендердик проблематиканы эске алуу кадимки жол-жоболорду жана эрежелерди, милдеттерди жана мүмкүнчүлүктөрдү (кайрадан) уюштурууну билдирет. Мунун максаты — гендердик проблематиканы ушул жол-жоболордун, эрежелердин, милдеттердин, мүмкүнчүлүктөрдүн жана башкалардын бардыгына интеграциялоо. Ошондой эле бул саясатты жана иш-чараларды иштеп чыгууда жана пландаштырууда гендердик талдоону колдонууну, ошондой эле тиешелүү топтордун жана уюмдардын консультацияларын жана катышуусун камсыз кылууну билдирет.

Гендердик проблематиканы эске алуу бир катар жергиликтүү стратегияларда/пландарда / программаларда колдонулушу мүмкүн: жергиликтүү өнүгүү стратегияларында, калктуу конуштардын башкы шаар куруу пландарында, жамааттык жайыттарды токой чарбасы жана жайыттарды башкаруу боюнча пландаштырууда ж.б.

Стратегиянын/пландын документтери «4R МЕТОДУ» гендердик талдоосу аркылуу талданышы мүмкүн.

8-тапшырма: Жергиликтүү саясаттагы гендердик аспект

Максаты: жергиликтүү саясий документтерди гендердик теңчилик көз карашынан талдоо.

Керектүү материалдар: *жергиликтүү саясат боюнча документ* (мисалы, белгилүү бир муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү программасы);
Гендердик маселелер боюнча контролдук суроолордун тизмеси; флипчарттар, маркерлер.
Убактысы: 40–50 мүнөт.

Тапшырманын сүрөттөлүшү: Катышуучулар берилген документти төмөндө келтирилген суроолордун негизинде талдап, таблицадагы гендердик көз караштан контролдук суроолордун тизмесин толтурушат.

Ой жүгүртүү жана жыйынтыктар:

- Төмөндө келтирилген суроолордун негизинде каалаган түрдөгү документти «ООБА» / «ЖОК» / «ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ» деген жооптор аркылуу талдоо анын гендердик сезимталдыгы жөнүндө маалымат берет.

- Канчалык көп оң жооп табылса, документ ошончолук гендердик жактан сезимтал болот.
- Ошол эле учурда көйгөйлүү багыттарды жана аларды жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого болот.

Гендердик көз караштагы контролдук суроолордун тизмеси

№	Суроолор	Ооба	Жок	Жарым-жартылай
1	Стратегияда жана/же Иш-аракеттер планында гендердик теңчилик максаттары камтылган мандат, көз караш же миссия бар			
2	Секторду/контекстти/көйгөйдү сүрөттөө үчүн жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтар/көрсөткүчтөр колдонулган			
3	Гендердик теңчилик максаттары Жергиликтүү стратегияга жана/же Иш-аракеттер планына киргизилген жана алар улуттук мыйзамдарга/саясатка, анын ичинде Туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) шайкеш келет			
4	Сектордун/контексттин/көйгөйдүн сүрөттөлүшүндө аялдар же эркектер үчүн өзгөчө актуалдуу болгон көйгөйлөр баяндалган			
5	Стратегия/план өнүгүүнүн ар бир максаты үчүн жок дегенде бир өлчөнүүчү гендердик көрсөткүчтү камтыйт			
6	Стратегияда/планда каралган көйгөй жалпы калкка салыштырмалуу аялдарга же эркектерге (өзүнчө топ катары) көбүрөөк таасир этет.			
7	Документте аялдар же эркектер потенциалдуу бенефициарлар тобу катары түздөн-түз көрсөтүлгөн.			
8	Стратегияда/планда баяндалган күтүлгөн натыйжалар аялдар же эркектер үчүн күтүлгөн натыйжаларга да тийиштүү.			
9	Стратегияны/планды ишке ашыруу аялдар менен эркектердин ортосундагы теңсиздикти кыскартууну карайт.			
10	Стратегияда/иш-аракеттер планында аялдардын жана/же эркектердин кызыкчылыктарына ылайык натыйжаларга жетишүүгө багытталган конкреттүү иш-чаралар каралган.			
11	Стратегиянын/пландын мониторинг системасы аялдар үчүн да, эркектер үчүн да жетишилген прогрессти баалоого мүмкүндүк берүүчү көрсөткүчтөрдү камтыйт.			
12	Стратегиянын/пландын бюджетинде аялдарга жана/же эркектерге багытталган иш-чараларды ишке ашыруу үчүн финансылык каражаттарды бөлүү каралган.			
13	Жергиликтүү план/стратегия гендердик теңчилик боюнча улуттук документтерге шайкеш келет.			
14	Жергиликтүү план/стратегия гендердик басмырлоонун алдын алуу/ага каршы күрөшүү жана гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча так жоболорду камтыйт.			
15	Жаш курагы жана жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтар бар.			

КӨНҮГҮҮ: Гендердик талдоо — «4R МЕТОДУ»

«4R МЕТОДУ» теңчилик аспектисин жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүккө кантип интеграциялоого мүмкүн болору жөнүндө конкреттүү талкууларды жүргүзүүгө арналган инструменттерди берет. Ошол сыяктуу эле, эрежелер практикада адамдардын ишмердүүлүгүн багыттагандай, гендердик теңчиликти чектейт же бекемдейт.

1R жана 2R—талдоонун сандык методдору болуп саналат жана ресурстардын бөлүштүрүлүшүнө жана пайдаланылышына системалуу сереп жүргүзүүгө тиешелүү.

3R жана 4R—талдоонун сапаттык методдору болуп саналат жана коомдук ишмердүүлүктө колдонулган ченемдерге жана баалуулуктарга, ошондой эле аларды өзгөртүү үчүн кандай кийлигишүү зарыл экенине тиешелүү.

1R — Репрезентация.

Төмөнкү суроого жооп бериңиз: Канча аял жана канча эркек бар?

Катышуунун (катышуучулардын) жана чечим кабыл алуунун ар кандай деңгээлдеринде аялдар менен эркектердин үлүшү жөнүндө маалымат бериңиз.

Суроолор төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Жаштар уюмдарынын, мектеп кеңештеринин, коомдук демилгелүү топтордун жетекчи органдарынын курамында канча аял жана канча эркек бар?
- Жамааттык/региондук/улуттук деңгээлде чечимдерди кабыл алууда канча аял жана канча эркек менен консультациялар өткөрүлгөн?
- Коомдук долбоорлордон/демилгелерден колдоо же кызматтарды канча аял жана канча эркек алат?

- Программаны/долбоорду ишке ашыруу тобунун курамына канча аял жана канча эркек кирет?
- Долбоорлордун, стратегиялардын жана программалардын максаттуу тобуна канча аял жана канча эркек кирет?

2R — РЕСУРСТАР.

Төмөнкү суроого жооп бериңиз: Ресурстар аялдар менен эркектердин ортосунда кандай бөлүштүрүлөт? Аялдар жана эркектер үчүн ар кандай ишмердүүлүк түнтүрлөрүнө ресурстар кандай бөлүштүрүлөрү жөнүндө маалымат бериңиз (материалдар, акча каражаттары, убакыт, мейкиндик ж.б.). Суроолор төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Спорттук иш-чараларга, макулдашууларга ж.б. байланышкан чыгымдар аялдар жана эркектер үчүн кандай; ошондой эле жеткиликтүүлүккө байланышкан чыгымдар (мисалы, транспорт чыгымдары) кандай?
- Саясаттан/программалардан/долбоорлордон аялдар жана эркектер кандай пайда алышат?
- Программалардын/долбоорлордун алкагында канча аял жана канча эркек зарыл жабдуулар менен камсыз болгон жана окутуудан өткөн?
- Кыздар менен балдар билим берүү, саламаттык сактоо, транспорт жана башка кызмат көрсөтүүлөргө жетүү жана аларды пайдалануу үчүн канча убакыт коротушат?
- Аялдар жана эркектер керектүү кызмат көрсөтүүлөргө жетүү үчүн канчалык алыс жол жүрүшөт?
- Аялдар жана эркектер үй иштерине канча убакыт коротушат?
- Аялдар жана эркектер коомдук ишмердүүлүккө канча убакыт коротушат?

3R — РЕАЛДУУЛУК.

Төмөнкү суроого жооп бериңиз: Балдар менен кыздардын ортосундагы гендердик бөлүнүүнүн жана ресурстардын учурдагы бөлүштүрүлүшүнүн себептери эмнеде? Бул 1R жана 2R көрсөткүчтөрүн талдоонун жүрүшүндө пайда болгон сапаттык суроолор. Суроолор төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Окуу жайларда, жергиликтүү кеңештерде, жаштар уюмдарында ж.б. аялдар менен эркектердин тажрыйбасына жана билимине кандай маани берилет?
- Аялдар менен эркектер маалыматка/программаларга жетүүнүн бирдей же ар башка жолдоруна ээби? Эгерде айырмачылыктар болсо, анын себеби эмнеде?
- Иш-чараларды/долбоорлорду ишке ашырууда гендердик стереотиптер менен социалдык-маданий ченемдер кыздарга жана балдарга кандай таасир этет? Тескерисинче, иш-чаралар/саясат гендердик стереотиптерди кантип жумшартат? Анын кесепеттери кандай?
- Иш ыкмаларын аялдар менен эркектер коомдук ишмердүүлүккө жана өнүгүү долбоорлоруна бирдей деңгээлде катыша тургандай кылып кантип өзгөртүүгө болот?

4R — РЕАКЦИЯЛАР.

Төмөнкү суроого жооп бериңиз: Аныкталган көйгөйлөргө биз кандай реакция кылабыз?

- Аныкталган гендердик айырмачылыктарды жоюу үчүн кандай иш-аракеттер зарыл?
- Чечим кабыл алуу процессине аялдар менен эркектердин бирдей деңгээлде катышуусун кеңейтүүнүн эң натыйжалуу жолдору кайсылар?
- Аялдар менен эркектер үчүн кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнү жеңилдетүүнүн эң натыйжалуу жолдору кайсылар?
- Иш-аракеттердин артыкчылыктуу багыттары кайсылар?

Ошентип, биз жергиликтүү саясатка/ишмердүүлүккө гендердик проблематиканы киргизүү чөйрөсүндөгү критикалык багыттарды жана кийлигишүү үчүн потенциалдуу багыттарды так аныктай алабыз.

2-бөлүк: Коомдук долбоорлордогу гендердик аспект

Белгилүү бир калктуу конушта коомдук долбоорлорду ишке ашырууну каалаган жергиликтүү бийлик долбоорду даярдоодо, пландаштырууда, баштоодо, илгерилетүүдө, ишке ашырууда, мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо гендердик аспектти эске албаса, бир дагы долбоор ийгиликтүү болбой тургандыгын билиши керек.

Долбоор кайсы тармакка тиешелүү экендигине карабастан, ал кандайдыр бир басмырлоого же гендердик теңчилик жана басмырлоого жол бербөө принциптерине терс таасир тийгизүүгө жол бербегендей кылып даярдалышы керек.

Долбоор басмырлоосуз экендигине ынаныңыз, ошондой эле өзүңүзгө төмөнкү суроону бериңиз: сиздин долбоордук идеяңызды гендердик теңчиликке жана басмырлоого жол бербөөгө көмөктөшүүчү оң инструментке оңой эле айландырууга болобу:

- Долбоордун алкагында канааттандырууну көздөгөн муктаждыктардын ичинен гендердик көйгөйлөргө же адамдардын белгилүү бир топторунун, мисалы, майып адамдардын, азчылыктардын же улгайган адамдардын абалына байланыштуу маселелерди бөлүп көрсөтө аласызбы?
- Долбоордук идеяңыз гендердик теңчиликке же басмырлануу тобокелдигине дуушар болгон топторго кирген адамдарга терс таасир тийгизиши мүмкүнбү — муну текшердиңизби? Эгерде мындай тобокелдик бар болсо, аны жоюу үчүн долбоорду өзгөртүүгө аракет кылыңыз же тобокелдикти азайтуу боюнча чараларды иш-чаралардын тизмесин түзүңүз.
- Экинчи жагынан, долбоор гендердик теңчиликке же басмырлануу тобокелдигине дуушар болгон адамдарга оң таасир тийгизиши мүмкүнбү — муну бааладыңызбы? Долбооруңуз аялдарга, азчылыктарга, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга же улгайган адамдарга кандай пайда алып келиши мүмкүн экендигин элестетүүгө аракет кылыңыз жана зарыл болсо, долбоордун идеясына чакан өзгөртүүлөрдү киргизиңиз. Андан кийин, зарыл болгон учурда, гендердик теңчилик же басмырлоого жол бербөө компонентин камтуу үчүн долбоордун максаттарын оңдоп-түзөө мүмкүнчүлүгүн карап көрүңүз.
- Долбоордун баштапкы варианттарын даярдоодо адамдар жөнүндө мазмунду тең салмактуу жана басмырлоосуз баяндаңыз, стереотиптерди жана жаңылыш түшүнүктөрдү колдонбоңуз, ошондой эле адамдардын ар кандай категориялары жөнүндө жалпыланган субъективдүү пикирлерди билдирбеңиз.

Социалдык жана экономикалык жактан жагымсыз абалда жашаган адамдар ар бир жамаатта бар. Ошол эле учурда тобокелдикке дуушар болгон көптөгөн коомдук топтор да бар. Мисалы, Европа Биримдигине мүчө өлкөлөрдө жамаат калктын аялуу топторунун көйгөйлөрүн чечүүгө реалдуу колдоо көрсөтөт. Коомдук көйгөйлөрдү чечүүгө ыктыярчылардын катышуусу жаштарга альтруисттик да, прагматикалык да мүнөздөгү көптөгөн максаттарга жетүүгө мүмкүндүк берет. Башкаларга жардам берүү үчүн өз убактысын арноо менен жаштар өздөрү үчүн да белгилүү бир пайда алышат. Ыктыярчылык жаштардын инсандык, социалдык жана интеллектуалдык жактан өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт жана келечекте жумуш издөөдө жана жумушка кабыл алуу боюнча маектешүүдөн өтүүдө аларга жардам берет.

Ишмердүүлүк тармагынан көз карандысыздыкта, жакшы долбоор гендердик теңчилик жана басмырлоого жол бербөө принциптерин оң илгерилетүүнүн инструменти боло алат. Инфраструктуралык долбоорлордо жеткиликтүүлүктү жакшыртуу максатында, коомдук объекттердин мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүүлүгүнө байланыштуу курулуш талаптарынан тышкары, мыйзамда каралган бул талаптарга кошумча катары долбоорго жеткиликтүүлүктү жогорулатуу боюнча төмөнкүдөй чараларды киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап көрүңүз: көрүүсү начар адамдар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыз кылуучу атайын курулмалар; транспорттун ар кандай түрлөрү; улгайган адамдар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана балдары бар ата-энелер үчүн атайын эс алуу зоналары.

Туризмди өнүктүрүү боюнча долбоорлор үчүн долбоор аялдар туризмин илгерилетүүгө жарым-жартылай болсо да багытталышы мүмкүн экендигин карап чыгуу зарыл, мисалы, жалгыз саякаттаган аялдар, балдары бар ата-энелер үчүн гиддерди, жарнамалык иш-чараларды, веб-сайттарды жана атайын маалыматтык кызматтарды долбоорго киргизүү аркылуу кароо.

Төмөндө долбоордун ар кандай этаптарында коомдук долбоорлордо гендердик проблематиканы эске алуу боюнча айрым сунуштар берилет:

- аныкталган көйгөйдү чечүүдөн жана долбоорду ишке ашыруудан кайсы адамдардын топтору пайда алышат (аялдар гана, эркектер гана же аялдар менен эркектер);
- долбоордун бенефициарларынын ар бир тобу, аялдар да, эркектер да боюнча кандай маалыматтар бар;
- топтолгон маалыматтар гендердик аспект боюнча (аялдар жана эркектер) бөлүштүрүлгөнбү;
- чогултулган статистикалык маалыматтардын негизинде гендердик талдоо жүргүзүлгөнбү;
- аныкталган көйгөй боюнча жамааттын тургундарынан маалымат өзүнчө эркектерден жана өзүнчө аялдардан чогултулганбы;
- долбоордон түздөн-түз пайда ала турган жарандар менен консультациялар өткөрүлгөнбү;
- жергиликтүү аялдар ушул консультациялар өткөрүү процессине тартылганбы;
- жергиликтүү аялдар долбоорду пландаштыруунун жана ишке ашыруунун бардык этаптарына катышабы;
- эркектерден жана аялдардан долбоордун максаты жөнүндө алардын пикири сураланбы жана жарандар долбоордун акыркы бенефициары ким болорун так түшүнөбү;
- бул долбоордо жарандардын ролдору аялдар жана эркектер үчүн өзүнчө аныкталганбы;
- бул долбоор аялдар менен эркектердин муктаждыктарын канчалык деңгээлде канааттандырат;
- долбоордун натыйжалары жергиликтүү аялдардын жашоосуна кандай таасир этет;
- долбоор аялдардын катышуусунан канчалык деңгээлде көз каранды;
- долбоор аялдар үчүн терс кесепеттерге алып келиши мүмкүнбү;
- аялдардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жана эркектердин муктаждыктарын канааттандыруу үчүн канча ресурс, анын ичинде финансылык каражаттар бөлүнгөн;
- биздин коомдогу стереотиптер/жаңылыш түшүнүктөр/патриархалдык мамиле аялдардын долбоорго катышуусуна тоскоолдук кылышы мүмкүнбү;

- долбоордо аялдарга же эркектерге карата басмырлоочу жагдайлардын алдын алуу боюнча чаралар каралганбы;
- долбоор аялдардын жашоо сапатын жакшыртуу көз карашында туруктуу болобу;
- долбоорлордун жетекчилери жана аткаруучулары гендердик өлчөм концепциясы менен таанышканбы.

Коомдук долбоорлор үчүн гендердик сезимтал моделдер: Чечим кабыл алуу процессинин ачыктыгын камсыз кылуу

Бюджет боюнча консультациялардын европалык практикасы

Австрия, Албания, Бельгия, Франция, Ирландия, Улуу Британия, Шотландия, Испания, Швеция жана башка Европа Биримдигинин өлкөлөрү гендердик бюджети колдонушат. Мамлекеттик сектордун, анын ичинде мамлекеттик сектордун чыгымдары менен кирешелеринин гендердик талдоосу саясатты иштеп чыгууну жана стратегиялык пландаштырууну жеңилдетет. Ошондой эле бул ресурстарды аялдар менен эркектердин жарандар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдалануучулары катары реалдуу муктаждыктарына эң жогорку деңгээлде жооп бере тургандай кылып бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Германияда, Австрияда, Швецияда жана башка өлкөлөрдө жергиликтүү бюджеттер бекитилгенге чейин коомчулук менен консультацияларды өткөрүү үчүн жамааттардын веб-сайттарына жайгаштырылат. Аялдар уюмдарынын өкүлдөрү ресурстарды зарыл кызмат көрсөтүүлөргө багыттоо максатында жергиликтүү бюджеттерге гендердик аспектти киргизүү боюнча талкууларга активдүү катышышат.

Гендердик аспекттерди эске алуу менен жүргүзүлүүчү сатып алуулар

«БУУ-Аялдар» уюму бардык операциялар, анын ичинде сатып алуу процесстери, гендердик теңчиликке жетишүү жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча өзүнүн мандатын аткарышын камсыз кылууга умтулат.

Ошондуктан «БУУ-Аялдар» уюму гендердик аспекттерди эске алуу менен жүргүзүлүүчү сатып алууларды гендердик теңчиликке жетишүүнүн жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн эң маанилүү бөлүгү катары колдойт.

Гендердик аспекттерди эске алуу менен жүргүзүлүүчү сатып алуулар — бул кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды жана курулуш иштерин алардын гендердик теңчиликке жана аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө тийгизген таасирин эске алуу менен тандоо.

«БУУ-Аялдар» уюму өзүнүн сатып алууларында аялдарга таандык жеткирүүчү компаниялардын үлүшүн көбөйтүүгө көмөктөшүүчү инструменттерди киргизген.

БУУ системасынын алкагында «БУУ-Аялдар» уюму БУУнун сатып алуу процесстеринде гендердик аспекттерди эске алуу деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк бере турган сатып алуу практикасын колдоого жана киргизүүгө умтулат. БУУ, ошондой эле мамлекеттик жана жеке секторлор жеткирүүчүлөрдүн ар түрдүүлүгүн колдогон кыйла инклюзивдүү процесстерди киргизүү аркылуу аялдар жана кыздар үчүн маанилүү социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө жетишүү максатында мамлекеттик сатып алууларды колдоно алышат.

Буга ылайык, гендердик аспекттерди эске алуу менен жүргүзүлүүчү сатып алуулар боюнча жоболор тендердик документацияга жана жеткирүүчүнүн формасына киргизилген жана жеткирүүчүлөрдү гендердик теңчилик максаттарына жооп берген товарларды/иштерди/кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгууга жана жеткирүүгө чакырат.

Бул тажрыйба жергиликтүү деңгээлде да колдонулушу мүмкүн.

3-бөлүк: Аялдардын ишкердигин өнүктүрүүгө көмөктөшүү

Дүйнө жүзүндө аялдар эркектерге караганда акы төлөнүүчү экономикалык ишмердүүлүккө азыраак катышышат. Жумушчу күчкө катышуудагы гендердик ажырым орточо эсеп менен Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюмунун (ЭКӨУ) орто өлкөлөрүндө 14 пайызга жакын, орточо кирешелүү өлкөлөрдө 26 пайызды жана төмөн кирешелүү өлкөлөрдө 13 пайызды түзөт. Аялдар эмгек ишмердүүлүгүнө катышкан күндө да, алар көбүнчө башка, эмгек акысы төмөнүрөөк болгон жумуштарга жана башка секторлорго тартылышат. Бул биз жалданма эмгекке, айыл чарбасына же ишкердикке көңүл бурсак да туура болот. Бул гендердик айырмачылыктар олуттуу экономикалык чыгымдар менен байланышкан. Алардын көлөмү Борбордук Азияда кирешенин орточо 10 пайыз жоготуусунан тартып, Жакынкы Чыгышта жана Түндүк Африкада 38 пайызга чейинки жоготууну түзөт.

Аялдар ишкердигин өнүктүрүүгө жана фирмалардын өсүшүнө чынында эмне көмөктөшөт? Аялдар эркек бизнес ээлери сыяктуу эле колдоого муктажбы же алар кошумча кийлигишүүлөрдү талап кылган өзгөчө чектөөлөрдүн жыйындысына туш болушабы?

Өнүгүп келе жаткан көптөгөн өлкөлөрдө жакшы жумуш орундарынын жетишсиздигинен улам көп адамдар аргасыздан ишкер болуп, акы төлөнүүчү кызматкерлери аз болгон чакан формалдуу эмес ишканаларды жүргүзүшөт. Башкалары болсо өсүүгө багытталып түзүлгөн чакан жана орто ишканаларды (ЧОИ) башкарат. Бул эки топ дээрлик кесилишпейт; микроишканалардын өтө азы гана убакыттын өтүшү менен өсүп, чакан жана орто ишканаларга айланат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө рынокто микроишканалар үстөмдүк кылгандыктан, бүгүнкү күнгө чейин ишкердикти өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын көпчүлүгү ушул топко багытталган.

Чакан жана орто ишканалардын (ЧОИ) муктаждыктары микроишканалардын муктаждыктарынан айырмаланганы менен, алардын ортосунда окшоштуктар бар. Экөө тең өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө салттуу финансылык мекемелер тарабынан

жетиштүү деңгээлде тейленбейт жана каржылоого жетүүдө кыйынчылыктарга туш болушат. Көп учурда жаңы ишканалардын формалдуу секторго кирүүсү үчүн убакыт, административдик чектөөлөр жана жыйымдар жагынан жогорку тоскоолдуктар бар. Натыйжада ишканалардын көпчүлүгү формалдуу эмес сектордо кала беришет. Ошондой эле бизнес жүргүзүү жана башкаруу көндүмдөрү, рынокко жетүү мүмкүнчүлүктөрү жана тармактык байланыштар эки категориядагы ишканалар үчүн тең тоскоолдук болуп саналат. Бул чектөөлөр ишканаларга ээсинин жынысынан көз карандысыздыкта таасир этет. Ошол эле учурда ишканалардын ээси жана жетекчиси болгон аялдар билим алуудагы теңсиздик, жумушка орношуудагы укуктук тоскоолдуктар жана балдарды багуу боюнча милдеттер сыяктуу кошумча тоскоолдуктарга туш болушат. Аялдар чектелген кредиттик тарыхынан улам каржылоого жетүүдө, салттуу түрдө эркектерге таандык деп эсептелген кирешелүү секторлорго кирүүдө, ошондой эле рыноктук жана ченемдик тоскоолдуктарды жеңип өтүү үчүн ишкердик байланыштарды өнүктүрүүдө кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн. Көптөгөн аял ишкерлер үчүн мындай чектөөлөр көп учурда бири-бирин күчөтүүчү мүнөзгө ээ болот.

Фактылар көрсөткөндөй, окутуу ага кошумча — каржылоо, техникалык жардам же насаатчылык сыяктуу “дагы бир компонент” менен чогуу берилгенде — аял ишкерлерге бир гана окутууга же бир гана каржылоого караганда көбүрөөк таасир берет. Мындай программалар аялдарды ишкердик менен алектенүүгө шыктандырууда орточо же олуттуу таасир берет. Ошол эле учурда ишкердик ишмердүүлүгүнүн сапатына жана ишкананын ишинин натыйжалуулугуна байланышкан көрсөткүчтөр боюнча жыйынтыктар бир кыйла ар түрдүү болуп саналат. Ошого карабастан, кийлигишүүнүн ар бир түрү боюнча баалоолордун диапазону кеңири. Бул программанын иштелип чыгышы жана өлкөнүн контексти кийлигишүүнүн ийгиликтүү болушунда чоң мааниге ээ экенин көрсөтөт.

Аялдардын ишкердикке жетүүдө жана ага катышууда туш болгон көптөгөн тоскоолдуктарын эске алганда, бир эле учурда бир нече тоскоолдукту чечүүгө багытталган чаралардын топтому — мисалы, көндүмдөрдү өнүктүрүү менен каржылоону айкалыштыруу же маалыматтык байланыштарды жана секторду тандоо мүмкүнчүлүгүн жакшыртууүчүнкөндүмдөргөокутуунунасаатчылыкмененайкалыштырууаркылуу — бир гана тоскоолдукту жоюуга багытталган чараларга караганда натыйжалуураак экени таң калыштуу эмес. Баалоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, аялдардын бизнесинин натыйжалуулугун жакшыртуу үчүн бир гана окутуу жетишсиз. Тескерисинче, окутууга салыштырмалуу арзан компоненттерди, мисалы, насаатчылыкты кошуу, окутууну өз алдынча өткөрүүгө караганда кыйла натыйжалуу. Ошондуктан мындай компоненттерди колдонулуп жаткан программага киргизүү анын натыйжалуулугун жогорулатуунун жөнөкөй жолу болушу мүмкүн.

Бирок аялдар балдарды багуу, рыноктук жана ченемдик жүк, секторду тандоо жана маалыматтык үзгүлтүктөр сыяктуу башка чектөөлөргө да туш болушат. Бул көйгөйлөрдү бир гана кесиптик окутуу жана финансылык колдоо аркылуу жеңүүгө болбойт. Бул жерде көптөгөн кызыкдар тараптардын катышуусу менен комплекстүү мамилелер жана чечимдер зарыл.

Тиркеме

ТӨМ 5: Гендердик теңчиликке жетишүү жана бардык аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ) — бул жакырчылыкты жоюуга, планетаны коргоого жана дүйнөдөгү ар бир адамдын жашоосун жана келечегин жакшыртууга багытталган аракеттерге карата универсалдуу чакырык. 17 Максат 2015-жылы БУУга мүчө бардык мамлекеттер тарабынан 2030-жылга чейинки мезгилге карата Туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартибинин алкагында кабыл алынган. Бул документте аталган максаттарга жетүүгө багытталган 15 жылдык план баяндалган.

Гендердик теңчилик — бул адамдын негизги укугу гана эмес, ошондой эле тынч, гүлдөп өнүккөн жана туруктуу дүйнөнүн зарыл негизи болуп саналат.

Акыркы ондогон жылдар ичинде белгилүү прогресске жетишилди: мектепке барган кыздардын саны көбөйдү, эрте никеге мажбурланган кыздардын саны азайды, парламенттерде жана жетекчилик кызматтарда иштеген аялдардын саны өстү, ошондой эле гендердик теңчиликке көмөктөшүү максатында мыйзамдар реформаланууда.

Бул жетишкендиктерге карабастан, көптөгөн көйгөйлөр дагы эле чечилбей калууда: басмырлоочу мыйзамдар жана социалдык ченемдер мурдагыдай эле кеңири таралган; аялдар саясий жетекчиликтин бардык деңгээлдеринде дагы эле жетиштүү өкүлчүлүккө ээ эмес; ошондой эле 15 жаштан 49 жашка чейинки ар бир беш аялдын жана кыздын бири акыркы 12 айдын ичинде интимдик өнөктөшү тарабынан физикалык же сексуалдык зомбулукка кабылганын билдирет.

ТӨМ 5: Максаттар:

5.1 Дүйнө жүзүндөгү бардык аялдарга жана кыздарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу.

5.2 Мамлекеттик жана жеке чөйрөлөрдө бардык аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун бардык формаларын, анын ичинде адам сатууну, сексуалдык эксплуатацияны жана эксплуатациянын башка түрлөрүн жоюу.

5.3 Балдардын никеси, эрте жана мажбурлап никеге тургузуу, ошондой эле аялдардын жыныс органдарын майып кылуу сыяктуу бардык «зыяндуу» практикаларды жоюу.

5.4 Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү, инфраструктураны жана социалдык коргоо саясатын камсыз кылуу, ошондой эле улуттук талаптарга ылайык үй чарбасындагы жана үй-бүлөдөгү биргелешкен жоопкерчиликти илгерилетүү аркылуу акы төлөнбөгөн багуу ишин жана үй иштерин таануу жана баалоо.

5.5 Саясий, экономикалык жана коомдук турмушта чечим кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын толук жана натыйжалуу катышуусун жана жетекчилик кызматтарды ээлөө үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу.

5.6 Калк жана өнүгүү боюнча Эл аралык конференциянын Иш-аракеттер программасына, Пекин иш-аракеттер платформасына жана аларды кароо боюнча конференциялардын жыйынтыктоочу документтерине ылайык макулдашылгандай, сексуалдык жана репродуктивдик саламаттыкты сактоо кызматтарына жана репродуктивдик укуктарга жалпыга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

5.A Улуттук мыйзамдарга ылайык аялдардын экономикалык ресурстарга тең укуктарын, ошондой эле жерге жана менчиктин башка түрлөрүнө ээ болууга жана аларды көзөмөлдөөгө, финансылык кызмат көрсөтүүлөргө, мураска жана жаратылыш ресурстарына жетүүгө тең укуктарын камсыз кылуу үчүн реформаларды жүргүзүү.

5.B Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөктөшүү үчүн, айрыкча маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кошкондо, көмөкчү технологияларды колдонууну кеңейтүү.

5.C Бардык деңгээлдерде гендердик теңчиликти илгерилетүү жана бардык аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында негиздүү саясатты жана колдонуудагы мыйзамдарды кабыл алуу жана чыңдоо.

Адабияттардын тизмеси:

1. ABOUT GENDER MAINSTREAMING IN PRACTICE. A toolkit. Methodology, Sector Analyses and Case Studies. UNDP RBEC, 3rd Edition, 2007
2. European Charter for equality between women and men in local life, drawn up by the Council of European Municipalities and Regions (CEMR)
3. Universal Declaration on Local Government — International Union of Local Authorities (IULA), art.9.
4. Equality and public finances. Study on gender-sensitive budgets.
5. Glossary in the field of gender equality.
6. Practical guide for policy makers. Chisinau, 2015
7. Be European: Promote and support gender equality. A civic education guide to support and promote equal opportunities for women and men, EPC, 2004
8. Recommendation CM/Rec(2007)17 of the Committee of Ministers to member states on gender equality standards and mechanisms
9. The Global Gender Gap Report, 2018, the World Economic Forum. http://www3.weforum.org/docs/WEF_GGGR_2018.pdf
10. uropean Institute for Gender Equality, 20.05.2021,
11. Аялдар жана эркектер Кыргыз Республикасында: Статистикалык жыйнак
12. «Доорду өзгөрткөн аял лидерлиги - 100 жыл» жалпы улуттук медиакампаниясы (аял лидерлердин тарыхтары) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине комплекстүү мамилени киргизүү боюнча колдонмо
13. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин гендердик саясат бөлүмү
14. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин расмий сайтынын «Гендердик саясат» бөлүмү

EMPATY